# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №2 (312) | 21. 02. 2025. | e-mail: kyrgyztili@mail. ru


## 21-февраль Эл аралык Эне тил күнү



Урматтуу окурман, 21-февраль Эл аралык Эне тил күнү жана 23-февраль Мекенди коргоочулар күнү менен куттуктайм. Тилибиз энеге, мекенибиз атага байланып турган кагылайын Эне тил, атыңдан айланайын Ата Мекен. Биз үчүн кыргыз тили жана Кыргыз Республикасы улуу дөлөт, ыйык мурас экенин бир мүнөт да унутууга акыбыз жок.

Кыргыз тилинде таза сүйлөгөндөр абдан азайып, келегей, чала сүйлөгөндөр көбөйдү. СССРдин доорунда Ата Мекен, Ата Журт, Ата Конуш аттуу алп сөздөрүбүз "Родина" деген сөзгө заматта алмашып кеткенин билебиз. Ата, апа деген улуу аталыштар "папа" менен "мама" болуп калганын айтпасак да белгилүү. Макул, жарайт, албетте ж.б. күнүмдүк колдонгон сөздөрүбүздүн ордун "хорошо" менен "окей" басууда. Тойкана, дүкөндөн баштап ысымыбызга чейин башка тилдер аралашып кетти. Кыргызча сүйлөө жана жазуу маданияты аксагандан аксап баратат... Эне тилибизди өнүктүргөндөн мурда илгерки калыбына келтирип алсак кана!

23-февралда мырзаларга айымдардан куттук айтылып, белек да берилип келет. Мекенибиздин коргоочусу деп илгери үмүт, бекем ишенич менен айтылган сөздөргө, белектерге ыракмат дейли. Бирок, Ата Журттун башына кыйынчылык келгенде ошол жигиттер катарыбызда катылгандын катыгын бергенге жарайбы? Баягы аруу сөздөргө, белектерге татыктуу болуп мекенибизди коргой алабызбы? Чөйрөбүздөгү жигиттерден аскерге барган мырзаларды манжа толтуруп эсептей албай калдык... Демек, бул абдан чоң суроо жана ойлоно турчу маселе!

**Айта турган сөз,**
**жасай турчу иш арбын агайын!**
**Жалпыбыз эсибизге келели!**
**Жашасын Эне тилибиз!**
**Жашасын Ата Журтубуз!**

**Орозалы Жапар уулу**

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ГИМНИ

**Сөзү: Сейит Алтымышовдуку,**
**Музыкасы: Бакыт Алишеровдуку**

*Тил жаралып Көкө-Теңир таңынан,*
*Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.*
*Адам деген түп сөзүнөн элимдин,*
*Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.*

***Кайырма:***
*Кыргыз тили – жүрөгүм,*
*Манас ата туу туткан.*
*Кыргыз тили – Мекеним,*
*Менин өлкөм Кыргызстан!*

*Мекен тили Ата журттун кареги,*
*Биримдиги, күч-кубаты тиреги.*
*Мекен тили куттуу кыргыз элимдин,*
*Көкүрөктө согуп турган жүрөгү.*

*Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,*
*Мекен тили бак-таалайдын кутманы.*
*Мекен тили кан жаныбыз, туубуз,*
*Ата журттун келечеги, ак таңы.*



## 23-февраль Мекенди коргоочулар күнү

# Мамлекеттик тилди үйрөтүү жана кепти туура колдонуудагы айрым маселелер

18-февралда Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияга караштуу Окуу-маалыматтык жана котормо борбору тарабынан “Мамлекеттик тилди үйрөтүү жана кепти туура колдонуудагы айрым маселелер” аталышындагы окуу-усулдук иш-чара өткөрүлдү.

Иш-чарага Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев жана Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору Карлыгач Жумакадырова, КР Билим жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Аркарбек Мамытов жана ЖОЖдордун, жеке окуу курстардын окутуучулары катышты.

Иш-чарада “Кыргызтест” системасынын деңгээлдик талаптарына (А1, А2) ылайык иштелип чыккан жаңы





видеосабактардын таанытымы өттү.

Бул сабактар тил үйрөнүүчүлөргө жандуу, визуалдык жана жеткиликтүү формада билим алууга чоң көмөк көрсөтөт.

Мындан сырткары “УЛУТ Софт” компаниясынын жетекчиси Мирбек Окенов жасалма интеллекттин тил үйрөтүүдөгү ролу, анын мүмкүнчүлүктөрү жана келечектеги долбоорлор тууралуу баяндама жасады. Бул жаңы технологиялар тилди үйрөнүүнү жеңилдетип, окутуу процессин натыйжалуу кылат.

**Мындан сырткары иш-чарага онлайн форматта:**

Мирзаева Салимахон Райимжановна (Өзбекстан, Андижан мамлекеттик университети);

Адилханова Жанна Сайын кызы (Казакстан, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети);

Хасанов Абдуманнон Мажидович (Өзбекстан, Илимдер академиясы) - тилди окутууда заманбап ыкмалар, кесиптик тилди өздөштүрүү жана методикалык жаңычылдыктар боюнча ойлорун бөлүштү.

Талкуу учурунда мамлекеттик тилди үйрөтүүдөгү натыйжалуу ыкмалар жана иш кагаздарын туура жүргүзүү боюнча курстарды өркүндөтүү зарылдыгы баса белгиленди.

## Улуттук комиссия тил адистеринин жыйынын өткөрдү



23-январда Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун тил адистери мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана заманбап технологияларды колдонуу аркылуу иш кагаздарын жөнөкөйлөтүү боюнча жаңы мүмкүнчүлүктөрдү талкуулашты.

Жыйынды Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев ачып, мамлекеттик тилди заманбап технологиялар аркылуу өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, мамлекеттик мекемелердеги мамлекеттик тил адистеринин орду жана алардын өз тармактары боюнча тил саясатын илгерилетүүдөгү ошондой эле бул багытта жаңы долбоорлорду ишке ашыруунун зарылдыгын айтты.

Андан соң, Улуттук комиссиянын буюртмасы менен ишке ашырылган “translate.mamtil.gov.kg” котормо платформасы тууралуу “Улут Софт" компаниясынын өкүлү Улан Баялиев долбоордун негизги мүмкүнчүлүктөрү жана анын мамлекеттик тилди иш кагаздарында колдонууда кандай роль ойноору тууралуу маалымат берди.

Мындан сырткары “Кыргызча оңой”/“Easy Kyrgyz” мобилдик колдонмосу боюнча маалыматты БААУнун ага окутуучусу Данияр Карабаев кенен түшүндүрүп берди. Ал аталган колдонмо кыргыз тилин жаңыча жана интерактивдүү үйрөнүү куралы экендигин белгилеп, анын колдонуучуларга жеңилдиктерди алып келерин баса белгилеп көрсөттү.

Ал эми Улуттук комиссиянын мониторинг жана талдоо бөлүмүнүн башчысы Альфира Супатаева “Document.gov.kg” сайты жана “Инфодокс” электрондук документ жүгүртүү системасынын иштөө принциптери боюнча мамлекеттик мекемелерде иш кагаздарын жүгүртүүдө пайыздык көрсөткүчтөрү тууралуу баяндама жасады.

Мамлекеттик мекемелердеги тил адистеринин тилди өнүктүрүүдөгү тажрыйба алмашуулары сунушталып, КР Экономика жана коммерция министрлигинин мамлекеттик тил жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башкы адиси Мээрим Чалбаева мекемедеги иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүгүртүүдө натыйжа алып келген тажрыйбалары менен бөлүштү.

Иш-чаранын жүрүшүндө мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча 2026-2028-жылдарга карата сунуштар талкууланып, катышуучулар өз ойлору жана сунуштарын ортого салышты.

## Ош шаарында мамлекеттик тилде терминдерди түзүү жана колдонулушу боюнча семинар өттү



2025-жылдын 22-январында Ош шаарынын мэриясында Улуттук комиссиясынын алдындагы Терминология комиссиясынын ОшМУнун алдында түзүлгөн эксперттик тобу менен биргеликте “Мамлекеттик тилде терминдерди түзүү жана колдонуу” аталышында семинар болуп өттү.

Семинарга Ош шаарынын мэриясынын өкүлдөрү, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминология комиссиясынын ОшМУнун алдында түзүлгөн эксперттик тобунун төрайымы Курманжан Нармырзаева, шаардык мекеме-ишканалардын жетекчилери, мамлекеттик тил боюнча иш алып барган кызматкерлер жана иш-кагаздарына жооптуу адистер катышышты.

Семинарда саламаттыкты сактоо, медицина, экономика, юридика тармактарында, салык мыйзамынын аткарылышын көзөмөлдөөдө мамлекеттик тилдеги терминдердин колдонулушунун орду, которуп колдонуудагы көйгөйлөр боюнча баяндамалар угулуп, анын негизинде суроо-жооптор уюштурулду.

Эскерте кетсек, буга чейин Улуттук комиссия тарабынан жарык көргөн 10 терминологиялык сөздүк өлкө аймагында жайгашкан бардык мекемелерге акысыз таратылган.

## Жогорку Кеңештин комитети комиссиянын иши тууралуу маалыматты укту



28-январда Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитети Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдын алкагында улуттук комиссия тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын” аткарылышы боюнча маалыматын укту.

Аталган маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору Батма Топоева-Ставинская маалымат беришти.

Талкуунун жүрүшүндө депутат Жанарбек Акаев "Кыргызтест" мекемесинин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу зарылдыгына көңүл буруп, мультфильмдерди тартууга каражат бөлүү, мамлекеттик тилдеги контенттин көлөмүн көбөйтүү маселелерин да белгиледи. Депутат Дастанбек Жумабеков мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук комиссиянын жүргүзүп жаткан иштери тууралуу суроолорду берип, мамлекеттик тилди колдонуу тиешелүү конституциялык мыйзам менен жөнгө салынарын баса белгиледи. Ал ошондой эле "Кыргызтест" мекемесинин ишин күчөтүү, балдарга кыргыз тилин окутуунун методикасын кайра карап чыгуу зарылдыгын айтты. Депутат Чыңгыз Ажибаев мамлекеттик тилди бардык тармактарда, өзгөчө тейлөө чөйрөсүндө толук жана кеңири колдонууну камсыздоого токтолду. Депутат Гуля Кожокулова тил саясаты масштабдуу жүргүзүлүшү керектигин, комиссияны Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комитетке айландыруу зарылдыгын белгилеп, кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнө өзгөчө көңүл буруу керектигин белгиледи. Депутат Карим Ханжеза тиешелүү кадрларды даярдоого, кыргыз тилин окутуунун программасына, методикасына өзгөчө көңүл бурду. Ал эми депутат Эрнис Айдаралиев мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү бала бакчалардагы балдарды окутуудан баштоо керектигин кошумчалады. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев депутаттар белгилеген суроолорго жооп берип жатып, Жогорку Кеңештин Төрагасынын көмөгү менен мектепке чейинки мекемелерге улуттук элементтери бар этно-комплекттер тапшырылганын кошумчалады.

Талкуунун жыйынтыгында комитет Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын маалыматын эске алды.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИНИН ЖАҢЫ РЕДАКЦИЯДАГЫ ТЕКСТИНИН ЖАНА МУЗЫКАСЫНЫН МЫКТЫ ДОЛБООРЛОРУН ТАНДОО БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-февралындагы №58 - тескемеси менен бекитилди)

### 1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын мыкты долбоорлорун тандоо боюнча республикалык сынакты (мындан ары – Сынак) уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Сынакты өткөрүү боюнча уюштуруу-техникалык иш-чараларды Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги (мындан ары – Маданият министрлиги) жүзөгө ашырат.

3. Сынакка сунушталган музыкалык чыгармаларды баалоо жана мыкты долбоорлорду аныктоо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын мыкты долбоорлорун тандоо боюнча ведомстволор аралык комиссия (мындан ары – Ведомстволор аралык комиссия) тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Ведомстволор аралык комиссия ушул Жобону жетекчиликке алат.

### 2-ГЛАВА. СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

5. Сынак Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын мыкты долбоорлорун аныктоо үчүн өткөрүлөт.

6. Сынактын милдети патриоттук сезимге жана Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо болуп саналат.

7. Сынак Кыргыз Республикасынын эркиндигин, адилеттүүлүгүн, элинин биримдигин даңазалаган жогорку көркөм музыкалык чыгарманы тандоого багытталган.

### 3-ГЛАВА. СЫНАККА КАТЫШУУГА ТАЛАПТАР

8. Сынак ачык болуп саналат.

9. Сынакка композиторлор, музыканттар, обончулар жана акындар, автордук жамааттар (музыкалык, чыгармачылык жамааттар, студиялар, союздар, ошондой эле башка уюмдар – 5 адамдан ашпаган) катыша алышат (мындан ары – Сынактын катышуучулары).

10. Сынакка автордук укукту сактоо менен жаңы, ошондой эле мурда аткарылып жүргөн жана басылып чыккан музыкалык чыгармалар сунушталышы мүмкүн. Сынактын ар бир катышуучусу Сынакка Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын долбоорунун бир же бир нече вариантын (мындан ары – Гимндин долбоору) сунуштай алат.

11. Сынакка катышуу үчүн өтүнмө (Жобонун 1-тиркемесине ылайык формада) берилет, анда төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- фамилиясы, аты, атасынын аты (болсо);
- туулган күнү, айы, жылы, жери;
- ким экендигин ырастоочу документтин түрү, сериясы, номери, берилген дата, аны берген органдын аталышы;
- жашаган жери, катталган дареги;
- байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары жөнүндө маалымат.

12. Эгерде Сынакка автордук жамааттар катышса, анда Сынакка катышууга өтүнмөдө жамааттын аталышы, алардын автордук катышуусун так тоо менен бардык авторлор жөнүндө жогоруда аталган маалыматтар көрсөтүлөт.

13. Сынакка катышууга өтүнмөгө төмөнкү документтер (мындан ары – сынактык долбоор) тиркелет:

- чыгарманы музыкалык аспаптын коштоосунда үн/хор же оркестрдин коштоосунда үн/хор менен вокалдык жана аспаптык аткаруу USB-флеш-алып жүрүүчүдө Гимндин долбоорунун видеожазуу же аудиожазуу түрүндө музыкасынын жазуусу;
- Гимндин долбоорунун кагаз жүзүндөгү музыкасынын ноталык жазуусу (партитурасы);
- Гимндин долбоорунун кагаз жүзүндөгү тексти;
- ар бир автордун жеке маалыматтарын иштеп чыгууга макулдугу (Жобонун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык).

14. Сынакка жогорку көркөм деңгээлде аткарылган бүтүн музыкалык чыгармалар гана кабыл алынат.

15. Сынактык долбоор 2ден ашпаган куплетке жана 1 кайырмага, аткаруу узактыгы 3төн ашпаган мүнөткө эсептелиши керек. Сынактык долбоордун кыска варианты аспаптык аткарууда 2 мүнөттөн ашпашы керек.

16. Сынакка катышууга өтүнмөнүн кагаз жүзүндөгү варианты тиркелген материалдар жана сынактык долбоорлор менен бирге 2025-жылдын 20-мартына чейин 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 78 дареги боюнча жөнөтүлөт.

17. Сынакка катышууга өтүнмөнүн электрондук (сканерленген) варианты тиркелген материалдар жана сынактык долбоорлор менен бирге 2025-жылдын 20-мартына чейин gimn.nov.redak2025@gmail.com электрондук дареги боюнча жөнөтүлөт.

18. Сынакка катышууга өтүнмөлөр тиркелген материалдар жана сынактык долбоорлор менен бирге андан ары ведомстволор аралык комиссияга берүү үчүн Маданият министрлигинде катталат.

### 4-ГЛАВА. КОМИССИЯ

19. Ведомстволор аралык комиссия Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынан, министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилеринен, жазуучулардан, композиторлордон, окумуштуулардан жана башка маданият ишмерлеринен жана чыгармачыл адамдардан түзүлөт.

20. Ведомстволор аралык комиссия өз ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

21. Ведомстволор аралык комиссиянын курамына ведомстволор аралык комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кирет. Ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн саны адамдардын так санынан турат жана 49 адамдан ашпоого тийиш.

22. Ведомстволор аралык комиссиянын курамына кирген адамдар Сынактын катышуучусу боло албайт.

23. Ведомстволор аралык комиссияны төрага жетектейт, ал ведомстволор аралык комиссиянын ишин жалпы жетектейт жана анын жыйналыштарына төрагалык кылат.

24. Ведомстволор аралык комиссиянын төрагасы:

1) ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышын өткөрүү датасын, убактысын жана жерин дайындайт;
2) ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышынын күн тартибинин долбоорун киргизет;
3) ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышын алып барат;
4) ведомстволор аралык комиссиянын ишине байланышкан материалдар жана документтер менен ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн өз убагында камсыз болушун контролдойт;
5) ведомстволор аралык комиссиянын чечимдерине жана жыйналыштарынын протоколдоруна кол коёт;
6) анын карамагына кирген маселелер боюнча ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн ишин координациялайт;
7) ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен катчыны дайындайт;
8) ведомстволор аралык комиссиянын ишине байланышкан башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

25. Ведомстволор аралык комиссиянын катчысы:

1) ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнө ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышын өткөрүү датасы, жери жана убактысы жөнүндө кабарлайт;
2) ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышына даярдыкты уюштурат;
3) материалдарды даярдайт, жыйналыштардын протоколдорун жүргүзөт, ведомстволор аралык комиссиянын чечимдерин тариздейт;
4) ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрү койгон баалардын суммасын чыгарат, сынактык долбоорлордун рейтингин түзөт;
5) жыйналыштардын протоколдоруна, ведомстволор аралык комиссиянын чечимдерине кол коёт;
6) Гимндин мыкты долбоорлорун аныктоодо добуш берет.

26. Ведомстволор аралык комиссия төмөнкү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат:

1) Сынакка катышууга өтүнмөлөрдү жана сынактык долбоорлорду кабыл алат;
2) сынактык долбоорлор боюнча жарандардан келип түшкөн сын-пикирлерди жана сунуштарды карайт;
3) сынактык долбоорлор тиркелген өтүнмөлөрдү карайт жана баалайт;
4) мыкты сынактык долбоорлорду тандайт;
5) Сынактын жеңүүчүсүн аныктайт;
6) Сынактын катышуучуларынын кайрылууларын жана даттанууларын карайт;
7) Сынакты өткөрүүгө байланышкан башка функцияларды жүзөгө ашырат.

27. Ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышын өткөрүүнүн тартиби жана күн тартибинин долбоору төрага тарабынан жарыяланат жана талкуулоодон кийин бекитилет.

28. Ведомстволор аралык комиссиянын жыйналыштары түз катышуу формасында өткөрүлөт, ал эми ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн жыйналыштарга катышуусу милдеттүү болуп саналат. Жыйналышка катышуу мүмкүн болбогон учурда, ведомстволор аралык комиссиянын мүчөсү жыйналышка аралыктан катышуу форматына (ВКБ режиминде) катышууга ведомстволор аралык комиссиянын төрагасынан уруксат алууга милдеттүү. Бул жагдай ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышынын протоколунда милдеттүү түрдө чагылдырылууга тийиш.

*(Уландысы 4-бетте)*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИНИН ЖАҢЫ РЕДАКЦИЯДАГЫ ТЕКСТИНИН ЖАНА МУЗЫКАСЫНЫН МЫКТЫ ДОЛБООРЛОРУН ТАНДОО БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-февралындагы №58 - тескемеси менен бекитилди)

*(Башталышы 3-бетте)*

Бирок добуш берүүдө ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышына мүчөлөрдүн катышпай калуусуна жол берилбейт. Добуш берүүдө мүчө/мүчөлөр жок болгон учурда, добуш берүү жараксыз деп эсептелет.

29. Ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышында кабыл алынган чечимдер протокол менен таризделет, ага ведомстволор аралык комиссиянын бардык курамы кол коёт.

30. Маселени кароонун жүрүшүндө ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрү алган маалыматтар ведомстволор аралык комиссия тиешелүү чечим кабыл алганга чейин ачыкка чыгарылбайт.

31. Ведомстволор аралык комиссиянын чечимдери ведомстволор аралык комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат. Ведомстволор аралык комиссиянын ар бир мүчөсү бир добушка ээ жана добуш берүү укугун башка адамдарга берүүгө укугу жок.

32. "Макул" жана "каршы" добуштардын саны бирдей болгон учурда, ведомстволор аралык комиссиянын жыйналышына төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат.

### 5-ГЛАВА. СЫНАКТЫК ДОЛБООРДУ БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

33. Мыкты сынактык долбоорлорду тандоодо ведомстволор аралык комиссия төмөнкү баалоо критерийлерин жетекчиликке алат:

1) композициянын бүтүндүгү, жогорку көркөм таасири;

2) көтөрүңкү маанай, мекенчилдик, эмоционалдуулук, улуттук мотивдер, жашоого шыктандыруучу мүнөз;

3) обондун жагымдуулугу, үндүн гармониялуулугу, оригиналдуулук, оңой эстеп калуу;

4) чет элдик сөздөрдү жана өздөштүрүлгөн лексиканы колдонбостон, тексттин кыргыз адабий тилинин эрежелерине ылайык келиши;

5) Гимнди ар түрдүү жаш курактагы, улуттагы жана диндеги жарандардын кабыл алуусуна, жаттап алууга жана аткарууга жеңилдиги;

6) Гимндин текстинде төмөнкүлөр чагылдырылууга тийиш:

- тарыхтагы маанилүү окуялар, көп улуттуулук, элдин биримдиги, бай маданий мурастар, руханий салттар жана мамлекеттин жогорку жетишкендиктери;

- Кыргыз Республикасынын табигый жана географиялык өзгөчөлүктөрү, көп кырдуулугу жана индивидуалдуулугу;

- мекенди сүйүү.

34. Ведомстволор аралык комиссия тарабынан сынактык долбоорлорду ушул Жобонун 33-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлер боюнча баалоо төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

1) 0дөн 1 баллга чейин – критерийлерге жооп бербейт;

2) 2ден 4 баллга чейин – критерийлерге канааттандырарлык деңгээлде жооп берет;

3) 5тен 7 баллга чейин – критерийлерге жакшы деңгээлде жооп берет;

4) 8ден 10 баллга чейин – критерийлерге жогорку деңгээлде жооп берет.

### 6-ГЛАВА. БАЙГЕЛҮҮ ОРУНДАР ЖАНА СЫЙЛЫКТАР

35. Байге фонду Маданият министрлигинин бюджетинин каражатынын эсебинен түзүлөт.

Сынак аяктагандан кийин, ведомстволор аралык комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Гимндин үч мыкты долбоору жиберилет, анда Гимндин мыкты долбоору үчүн төмөнкү байгелүү орундар аныкталат:

- биринчи орун: 1 500 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык. Жеңүүчү диплому;

- экинчи орун: 1 000 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык. Экинчи орундун лауреатынын диплому;

- үчүнчү орун: 500 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык. Үчүнчү орундун лауреаты диплому.

Атайын байгелер боюнча байгелүү орундарды ведомстволор аралык комиссия аныктайт:

- төртүнчү орун: 250 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык. Катышуучу диплому;

- бешинчи орун: 250 000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык. Катышуучу диплому.

### 7-ГЛАВА. СЫНАКТЫ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

36. Сынак эки этапта өткөрүлөт:

37. Биринчи этапта Сынактын катышуучулары Сынакка катышуу үчүн сынактык долбоорлор тиркелген өтүнмөлөрүн Маданият министрлигине жөнөтүшөт.

38. Маданият министрлиги:

1) Сынакка катышууга өтүнмөлөрдү кабыл алат жана каттайт;

2) ушул Жобонун 3-главасына ылайык документтердин жана материалдардын толуктугун текшерет;

3) Сынакка мындан ары катышууга жол берилген өтүнмөлөрдү жана сынактык долбоорлорду ведомстволор аралык комиссияга жөнөтөт;

4) Сынакты жарыялоо, ведомстволор аралык комиссиянын өткөрүлгөн жыйналыштары жана Сынакты өткөрүүгө байланышкан башка иш-чаралар жөнүндө маалыматтарды Маданият министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайттарында, социалдык тармактарында жайгаштырууну уюштурат;

5) улуттук мамлекеттик телерадиоберүү компанияларында Гимндин мыкты долбоорлорун тандоо боюнча иштердин жүрүшү жөнүндө чагылдырат;

6) жарандардын сунуштарын жана сын-пикирлерин кабыл алып, каттап, аларды ведомстволор аралык комиссияга өткөрүп берет.

39. Сынакка катышуу үчүн ушул Жобонун 3-главасында көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген материалдар жана сынактык долбоорлор тиркелген өтүнмөлөргө Сынакка катышууга жол берилбейт жана кайра кайтарылбайт.

40. Сынактын экинчи этабында ведомстволор аралык комиссиянын бардык мүчөлөрү 15 жумуш күндүн ичинде сынактык долбоорлорду ушул Жобонун 5-главасында көрсөтүлгөн критерийлер боюнча тиешелүү баалоо барагында балл коюу жолу менен баалашат жана балл коюунун жыйынтыгы боюнча баалоо баракчасынын сканерленген көчүрмөсүн төмөнкү дарекке жөнөтүшөт: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү 78, gimn.nov.redak2025@gmail.com.

41. Сынак төмөнкү учурларда өткөн жок деп табылат жана кайра жарыяланат:

1) эгерде Сынакка катышууга бир дагы өтүнмө келип түшпөсө;

2) эгерде Сынакка катышууга бештен аз өтүнмө келсе;

3) эгерде сунушталган конкурстук долбоорлордун бири да ведомстволор аралык комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын алгачкы үч мыкты долбоору катары тандалбаса.

Сынактын натыйжасы боюнча ведомстволор аралык комиссия Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин жаңы редакциядагы текстинин жана музыкасынын алгачкы үч мыкты долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизет.

# ПРЕЗИДЕНТ ОБЛУСТАРДАГЫ АЙРЫМ АЙЫЛ АЙМАК ЖАНА АЙЫЛДАРДЫ КАЙРА АТОО ЖӨНҮНДӨ 2 МЫЙЗАМГА КОЛ КОЙДУ



*Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 21-22-январда "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Нарын, Талас, Чүй жана Ысык-Көл облустарынын айрым айыл аймактарын жана айылдарын кайра атоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2 Мыйзамына кол койду.*

Ага ылайык: Жогоруда аталган айыл аймактардын жана айылдардын аталыштарын кайра атоо боюнча чечимдер жергиликтүү жашоочулардын жыйынында кабыл алынып, тиешелүү жергиликтүү кеңештердин, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын чечимдери жана Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тескемелери менен жактырылган. Мыйзам "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу" жана "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык даярдалган.

**Булак: КРнын Президентинин расмий сайты**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Военно-Антоновка а. а. | Кожомкул а. а. |
| Военно-Антоновка а. а. | Кожомкул а. |
| Горная Серафимовка а. | Кебек-Бий а. |
| Ново-михайловка а. | Бообек а. |
| Чоң-Арык а. | Сыйдалы а. |

**НАРЫН ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Большевик а. | Б. Исакеев а. |
| Дыйкан а. | Чоко-Бий а. |
| Жерге-Тал а. а. | Э. Дайракунов а. а. |

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Теплоключенка а. | Ак-Суу а. |

**ОШ ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Сары-Булак а. а. | Р. Абдыкадыров а. а. |
| Киров а. | Кенжебай а. |

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Таштак а. | Малкалды а. |
| Параканда а. | Баракелде а. |

**БАТКЕН ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Говсувар а. | Орто-Боз а. |
| Чимген а. | Чымкен а. |
| Голбо а. | Алтын-Бешик а. |
| Маданият а. | Айбике а. |
| Чапаев а. | Арча-Бешик а. |
| Кыргызстандын 50 жылдыгы а. | Миң-Жыгач а. |

**ТАЛАС ОБЛУСУ**

| | кайра атоо |
|---|---|
| Покровка а. а. | Семетей а. а. |
| Покровка а. | Семетей а. |
| Новодонецк а. | Айтматов а. |
| Ынтымак а. | Шадыкан а. |
| Козучак а. | Жанкороз-Олуя а. |
| Балбал а. | Жаныбек-Баатыр а. |
| Куру-Маймак а. | Сатыкей а. |

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)

21 02 2025

kyrgyztili@mail.ru

Мелис МУРАТАЛИЕВ:

# Санжыранын орду жана замандын талабы

**(Текст «Кыргыз таануу» курсунун видеоматериалынан жазылып алынды)**

*(Башы өткөн санда)*

Эми ойлонуп көргүлө балапанын алып таштап туруп, бир жагына бүркүттү, бир жагына тоокту алыштыралы. Эмне болот? Тоок жем болот, эч нерсе кыла албай калат. Баласы үчүн жаныбарлар колунан келбеген да ишти жасайт, адамдар да ушундайбыз, балабыз үчүн өлүп бергенге даярбыз. Акыл-эси барларда ушундай, туугандык негизде кан байлаган сезим. Так ошол кан байлаган туугандык же бир туугандык сезимдин күчүн билип кыргыздар аны бир муун менен чектебей, бул жашоодо тирүү адамдардын муундарынын гана байланышын камсыз кылбай, муну тээтиги түпкү, жети эмес жетимиш муунга, элге чейинки туугандыктын тутумун түзүп коюшкан. Ошону сүрүп, тактап, “Сен баланча турбайсыңбы, сен түкүнчө турбайсыңбы. Сен экөөбүз биригип бир атанын балдары экенбиз деген сезим канды козгойт дагы, бир туугандык сезимди туябыз. Бул биздин аң-сезимибиз, акылыбыз менен башкарыла турган нерсе эмес. Кыргыз дүйнөнүн кайсы бир бурчунда болбосун кайсы бир кыргызды сөзүнөн, тилинен, келбетинен кыргыз экенин билип, эң биринчи берген суроосу “Ким болосуң? Каяктан болосуң?”. Бүгүн биз каяктан деп калдык. Бул утурумдук азыркы замандын талабы болуп калды. Бирок илгеркилер, азыркылар деле биринчи уруусун сурайт. Эмнеге экенин өзү деле билбейт, кереги деле жок ага. А кокус менин уруумдан болуп калбасын деген илгери үмүт болбосо, азыркылар түшүнүгү жок, а мурункулар ошондон билип калчу кайсы уруу экенин.

Ар бир уруунун өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү, сыпаттары болгон. Ошону менен адамды таанып, уруусун билип, ошого жараша мамиле күткөн. Эми ал башка тема. Бүгүн биз санжыра жөнүндө сөз кылабыз. Санжыра десе кадимки санжыраны, кимден ким тараган, канча баласы болгон, эмне иш кылганы тууралуу айтпайбыз. Бир башкача маалымат менен бөлүшкүм келип турат.



Санжыранын жашоодогу түшүнүгү. Өткөн лекцияларда биз тарых тууралуу сөз кылдык. Совет доорунда билим алган адамдар билет. Биз он жетинчи кылымдан кийин гана улут, эл болуп калыптанып жашап келдик. Ага чейин биз жокпуз. Тоодо, кокту-колоттордо жапайы эл катары жашап, күн көрүп келген экенбиз. Анан бизди калктар улут кылып, кийинтип, чогултуп, адам кылган имиш, бул бизге окутулган жомоктор. Ортодогу сызыкта азыркы расмий билим берүү тармагындагы окутулган тарых. Кыргыздын тарыхы, биздин доорго чейинки 201-жыл.

> Ар бир уруунун өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү, сыпаттары болгон.

Адамдын калдыктары тууралуу сөз болуп жатат. Ошонун ДНКсын аныктагандан кийин тээ илгерки заманда, кайсы доордо болбосун жашаган адамдын, бүгүнкү күндөгү адамдын урпагы ким экенин аныктаса болот. Анан ошолордун айтканы боюнча, орус тилинен алганым үчүн маанисин кыргызча окуп берейин. Азыркы учурдагы кыргыздардын гаплотиби (адроновдордун б.з.ч. 2000 жыл мурда жашаган арий мамлекетин түптөгөн элдер) б.з.ч. 2000 жыл мурда жашаган көчмөндөр, Хунн, Гун, динлиндердин доорунда жашаган кыргыздар, акыркы эле Эне-Сай доорундагы 10-кылымга, моңголдорго чейинки жашаган адамдардын калдыктарынын ДНКсын аныктаса, бүгүнкү биз кыргыздардын ДНКсы менен бир. Демек, бул бир эле эл, бир маданият, доор бөлөк, аймагы чоң. Анан биз эле талашып жатпайбызбы 16-17-кылымда Алтайдан көчүп келип бул жактагы жергиликтүү эл менен аралашып кетип эл болдук деп. Жергиликтүү дегенде бирөөнүн жерине келип жашап жатабыз деген илимий пикир бар, эң өкүнүчтүүсү. Бул жердин бизге эч бир таандыгы жок деген да пикирди укканда күйүп кетесиң да. Археология илими анык айтып жатат, бул жерде мурун эле биздин ата-бабалар жашаган, себеби көмүлгөн, илгерки доордо жашаган сөөктөр табылса ошол эле генетикасы айтып жатат, бул биздин ата-бабалар. Бул кыскача маалымат.

Андрон маданияты б.з.ч. 2000, карасук б.з.ч. 1000, тагар б.з.ч. 800, таштык бул жаңы усундардын маданияты.

Бернштамдын илимий докторлук диссертациясын негизи жыйынтыгында кыргыз урууларынын түптөлүшү байыркы замандарга, б.з.ч. 4-миң жылдыкка барат, ошол мезгилде кыргыз уруулары калыптанганын жазып калтырган. Элестете аласыңарбы биздин доорго чейин 4-миң жылдык, жүз жыл же кылым эмес, миң жылдык. Демек ошол кезде кыргыз уруулары калыптанган.

Анан уруулардын биримдиги эл түзүлүп, эл болуп жашап келе жатабыз, ажырагыс бүтүндүктөбүз. Байыркылардын түшүнүгү боюнча, азыркы түшүнүк менен салыштырмалуу айтканда бул мамлекет дегенди түшүндүрөт. "Башы болбой, эл болбойт", башкаруучусу, баш көзчүсү, багытты аныктоочу адамы, камкарчусу бар деген сөз. Б.з.ч. 201-жылдагы маалыматта кытайдын жазма булактарында эскерилет. Эмне деп эскерилет? Хунндар үч, төрт мамлекет куруп, башына Моде деген адам келип, өзүнө тектеш жана чектеш 5 мамлекетти өзүнө багынтып алат. Ал убакта мамлекет деген түшүнүк жок, биз азыр мамлекет деп жатабыз. Ал жерде ээлик "владение", бирөөнүн ээлиги.

– Кимдин ээлеги? Баланчалардын...

Демек алар эркин, эгемен жашаган эл. Өздөрүнүн тагдырын өздөрү чечкен. Демек эл болуп жашаган, кайсы бир деңгээлде мамлекеттүүлүгү болгон. Ошондон улам биз мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200 жылдыгын белгилегенбиз. Муну бир дагы дүйнөлүк окумуштуу жокко чыгара албайт, толтура далил бар. А бирок мамлекеттүүлүктүн тамыры ары кетет экен да, көрсө башаты тээ алыста калыптанып, жүрүп отуруп анан эл болгон деген эле сөз.

Буга убакытты көп кетирбей, ушул эле көрүнүштү санжыра аркылуу тарыхый окуяларга байлагым келип жатат. "Кыргыз эл санжырасы" китебин сунуштайм, ушуну алып окугула. Албетте санжыра менен иши жокторго биринчи кыйын болот, муну түшүнүш, талдоо. Бирок аракет кылса болот. Ушул китептин автору дегенде туура эмес болот, кыскасы бул китеп жакында эле басылып чыкты. Төлөк Төрөкан уулу (1932-2018) деген кытайлык кыргыздын колуна байыркы доордон бери муундан-муунга, атадан баласына мурасталып өтүп келген санжыра китеби бар. Анын көлөмү абдан чоң. Узун-туурасы бир метрге жетпейт, 70-80см, териден жасалган. Анан ошол китепте, мунун колуна тийген китепте жазылып турат, чагатай тилинде жазылган. Бул китеп үчүнчү ирет кайра жазылган китеп. Баштапкы түп нускасы бакабут жазуусунда жазылган.

Клинопись деген түшүнүк бар. Эң байыркысы шумерлерге таандык. Баканын буту эки клин, шумерлердин жазуусун карасаңар, бүт эле ушундай. Кыргыз тилинде эң жөнөкөй баканын бутундай. Анын ушунун эле эки түрдүү, үч түрдүү, бирөөнү төмөн, бирөөнү капталга жылып коюп эле, бири-биринен тамга деп айырмалап жазып келген шумерлер. Өйдө, ылдый, оңго, солго анан эки клин, бири өйдө, бири ылдый, бир элемент ар кандай позицияда. Ошондон улам бири-биринен айырмалап, таанып-билип, окуп келишкен, азыр деле окуп жатышат. Биз муну так билбейбиз, бирок божомолдоп жатабыз.

Бул китепте жазылат, кыргыздын эң алгачкы санжырасы бакабут жазуусунда жазылган. Анан канча кылым доор өтүп, ал жазууну окугандар азайып, түгөнүп, жазгандары калбай калып, анан аргасыздан аны башка жазууга оодарган. Алгач араб, андан кийин чагатай жазуусуна. Ошентип бу кишинин колуна өткөн экен. Бу киши 2018-жылы өтүп кетти. 2015-жылы бир келгенде ал убактагы мамлекет башчысы кабыл албаптыр. Себеби мунун айтымы боюнча кайра эле, анык билбейбиз, бирок айтымы боюнча ошол китепти мамлекет башчысынын өз колуна тапшырат элем дейт расмий. Анан ал киши менен кезигүү болбой калып, ошол бойдон калды. Ал китепти сурагандар абдан көп болду, бирок эч кимисине бербей ошол бойдон бул киши өтүп кетти. Китептин тагдыры белгисиз, чын эле. Бирок буга чейинки көрсөткөн мукаба бул азыркы биздин арибке салынган кадимки кирилл менен окуп турган. Ошол китептин үзүндүлөрүн гана азыркы биздин жазууга салып китеп кылып чыгарылып, бизге жетти. 2019-жылы келди.

Анын башынан аягына чейин айтуу мүмкүн эмес. Мен кээ бир кызыктуу жерлерин, тарыхта айтылган эң маанилүү окуяларга байланыштуу жерлерин салыштыруу үчүн силерге көрсөткүм келип жатат.

Албетте талаш-тартыш да болушу мүмкүн. Чыныгы санжырачылар болсо, бул туура, бул туура эмес деши мүмкүн. Азыр жөн эле маалымат үчүн угуп койгула.

«Нухтан үч бала: Хам, Сам, Япас. Япастан – Алымсак, Алымсактан – Беримсак, Беримсактан – Аян, Андан – Аран, Арандан – Каран, Карандан – Баран, Барандан – Түтөк жана Түрк болгон…»

Түтөктү кызартып койдум. Азыр ошол жөнүндө сөз болот. Деп ошол китептин 29-бетинде жазылып турат.

«Кепти Япастан тараган Түрк менен Түтөктөн баштайлы. Ал заманда инсан от жагууну билбейт экен. Айбандарды уруп кармап алса, эт, аш-даамдыкты чийки, бүкүлү деп, аш кыла берет экен»…

Китепте кандай жазылса ошондой берип жатам. Орфографиясына терикпейбиз.

«Түтөк бир күнү тоо аралап кийик уулап жүрүп, булап жаткан нерсени таап алып, 2 жалпак таштын ортосуна коюп, жумалактап сүртүптүр, сүртсө түтөп барып от алыптыр.

*(Уландысы кийинки санда)*

Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия
КЫРГЫЗ ТААНУУ

Ар жуманын шейшемби күнү
"Сейтек" балдар борбору Т.Абдымомунов көч. 197
Башталышы 18:30
Катталуу: 0706999303 (ватсап)
Кирүү акысыз
Мелис Мураталиев
mamtil.gov.kg

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)

21 02 2025

kyrgyztili@mail.ru



# Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу

*(Башы өткөн санда)*

### 2. Айлана-чөйрө

Кыргыз жарандарынын аң-сезимине адам менен жаратылыштын эриш-аркак өнүгө тургандыгы, табияттын аялуу дүйнө экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекем орнотуу менен, төмөнкү милдеттерди аткаруу:

- жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу, ага зыян келтирбегендей этияттык менен пайдалануу;
- өндүрүш жана азык-түлүк калдыктарын заманбап технологияны колдонуу менен кайра иштетүү жагын жолго коюу;
- турмуштук керектөөлөрдө, өндүрүштө жашыл кубат мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга артыкчылык берүү;
- экотутум булактарын коргоо жана аны түзүп турган ар бир көрүнүшкө жана кубулушка аяр мамиле жасоо;
- күчөп бара жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирлерин азайтуу; аларга ылайыкташуу билимин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүү.

### 3. Экономика

Кыргыз Республикасынын Уңгужолунда экономикалык өнүгүүнүн төмөнкү милдеттерин аткаруу:

- менчиктин бардык түрлөрүн бирдей деңгээлде таануу жана аларды мыйзамдарга ылайык коргоо;
- жарандардын салык төлөө маданиятын жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу;
- ата мекендик айыл чарба жана өнөр жай өндүрүүчүлөрдү колдоо жана алардын продукцияларын дүйнөлүк соода мейкиндигине чыгаруу;
- айыл чарба тармагын өнүгүүнүн жаңы нугуна буруу, инновациялык технологиянын жетишкендиктерин пайдаланууга өтүү, бул багыттагы демилгелерди колдоо;
- жеңил жана оор өнөр жай продукцияларын чет өлкөлөргө сатуу (экспорт) менен чет өлкөлөрдөн сатып алуунун (импорт) ортосундагы тең салмаксыздыкты жоюунун башбагытын иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын калкын керектөөчү эл абалынан өндүрүүчү эл деңгээлине жеткирүүнүн башбагыттык мерчемдерин белгилөө жана аны жүзөгө ашыруу;
- колдо бар заттык, финансылык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрдү сарамжалдуу пайдалануу, ысырапкорчулукка жол бербөө;
- демилгелүүлүктү жана ишкердикти өнүктүрүү, креативдүү экономикага жол ачуу, жашыл экономикага басым жасоо;
- жарандардын аң-сезиминде адал эмгектен баар табуу, башка бирөөнүн байлыгына көз артпоо, мамлекеттик мүлктү өз мүлкүндөй көрүү жана коргоо баалуулуктарын калыптандыруу.

### 4. Мамлекеттик тил

Кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин орду өзгөчө:

- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын Туу, Гимн жана Герби сыяктуу эле мамлекеттүүлүктүн символдорунун бири;
- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын орток баалуулугу;
- мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана коомдук турмуштун бардык тармактарында дайыма колдонулушу үчүн кам көрүү - ар бир кыргыз жаранынын милдети;
- тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына ылайык толук кандуу колдонулган мамлекеттик тил коомдун биримдигин, социалдык ынтымакты жана өлкөнүн туруктуулугун сактоонун жана чыңдоонун эң маанилүү булагы болуп калат;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин макамы тиешелүү мыйзам актылары аркылуу тастыкталган - кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат;
- кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологиялары жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөөнү жолго коюу - заман талабы;
- Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланыштуу - бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттайт.

### 5. Социалдык мамилелер

Кыргыз коомунун бүтүндүгүн сактоодо социалдык мамилелердин төмөнкү өңүттөрү өзгөчө мааниге ээ:

- кыргыз жарандарынын ар биринин тилине, жашаган жерине, этностук жана уруулук тек-жайына, диний ишенимдерине карабай, бири-биринин тутунган баалуулуктарына өз ара урмат менен мамиле кылуу;
- жарандар арасында ынтымакты жана социалдык ырашкерликти бекем орнотууга жарамдуу улуттук баалуулуктарды жалпы элге жайылтуу жана алардын таасирдүүлүгүн арттыруу чараларын иштеп чыгуу;
- салттуу үй-бүлө баалуулуктарын таануу жана алардын эл, улут, өлкө биримдигин жаратуу жана сактоо күчүн пайдалануу; аны алсыратууга, бузууга багытталган, ичтен жана сырттан жасалган аракеттерге өз убагында бөгөт коюу;
- эл арасындагы диний ишеним жөрөлгөлөрүнө ылайык түзүлгөн мамилелердин мамлекеттин мыйзам актыларына карама-каршы келишине жол бербөө;
- кыргыз салтындагы ата-бабаларды эскерүү, алардын сиңирген эмгегин, калтырган осуяттарын унутта калтырбоо;
- муундар арасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн "улууга - урмат, кичүүгө - ызат" таянымын дайыма жандуу тутуу;
- туугандар, достор, кесиптештер жана кошуналар арасындагы өз ара баарлашуу, жардамдашуу баалуулуктарын колдоо.

### 6. Дене тарбия жана спорт

Жарандардын сергек жашоого жетишүүсүндө дене тарбия менен спорттун мааниси чоң. Бул багытта төмөнкү милдеттерди аткаруу зарыл:

- кыргыз жарандарынын сергек жашоо үлгүсүн жаратуу, аны жайылтууну колго алуу жана көзөмөлдөө;
- жарандардын өз ден соолугуна жана дене тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кылуу маданиятын калыптандыруу;
- жарандардын дени сак болуп, узак жана куунак өмүр сүрүүсү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;
- жаштарды спорттун заманбап түрлөрүнө шыктандыруу иштерин жайылтууну тиешелүү мамлекеттик мекемелердин туруктуу алып баруусун камсыздоо;
- спорттук тажрыйба жана мүмкүнчүлүктөрдү кимдир бирөөлөрдү басмырлоо, аларга күч көрсөтүү үчүн колдонууга тыюу салуу;
- Кыргыз Республикасында жашаган этностордун элдик спорт түрлөрүн жандандыруу жана анын мыкты үлгүлөрүн дүйнөгө таанытуу;
- кыргыз элин ыкчамдык, шайдооттук, тайманбастык, чечкиндүүлүк, тапкычтык, ойчулдук жана сабырдуулук сапаттарга тарбиялоочу салттуу спорт жана оюн-зоок түрлөрүнүн мыкты үлгүлөрүн жалпы адамзат кызматына сунуу.

### 7. Дин

Дүйнөлүк диндердин кайсынысы болбосун, кыргыз жарандарынын жүрүм-турум эрежелерин, кесипке жана эмгекке болгон мамилесин, убакытты пайдалануу тартибин, кийим кийүү жана тамактануу табитин, коомдук көнүмүштөрүн калыптандырган маданият, илим, билим жана улуттук нарк институттарынын ишине каршы келбеген жана алардын эч бирине тыюу салбаган учурларда гана, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талаптарына ылайык иш алып бара алат, ошондуктан:

- дин кызматкерлерин мамлекеттин коопсуздугун жана элдин биримдигин сактоо максатында улуттук кызыкчылыктарга төп келген, тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш иш алып барууну милдеттендирүү;
- диний билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын окуу пландарында фундаменталдык билимдер менен бирге өлкө тарыхы, улуттук нарк баалуулуктары тууралуу анык, так жана жаңы маалыматтарга негизделген сабактардын болушун, алардын жогорку квалификациялуу адистер тарабынан окутулушун талап кылуу;
- диндердин гуманисттик таалим-тарбия берүү тажрыйбаларына урматсый менен мамиле кылуу;
- диний экстремизмге, динге байланыштуу келип чыккан ар кандай чыңалуулардын түрлөрүнө эч качан жол бербөө;
- диндер аралык, же кайсы бир диндин ичинде пайда болгон жамааттардын ортосундагы келишпестиктерди укуктук негизде жоюу;
- Кыргыз Республикасынын калкынын басымдуу көпчүлүгү Ислам дининин ханафий мазхабын (укуктук мектебин) жана матуридий акыйдасын (ишенимин) карманып келгендигине байланыштуу анын элге сиңген, улуттук каада-салт баалуулуктарын жерибеген, коомдогу жат көрүнүштөрдү жоюу жагынан пайдалуу жактарын эске алуу;
- жарандардын дин тандоо, динге ишенүү же ишенбөө эркиндиктерин тиешелүү мыйзам актыларында кандай көрсөтүлсө, ошондой гана өлчөмдө коргоо.

### V. Кыргыз жери

Кыргыз жери - көчмөндөр цивилизациясынын алтын бешиги; келечекте ааламдык илимий ачылыштар, дүйнөлүк маанидеги көркөм өнөр чыгармалары жарала турган ыйык жер; улуттук деми барган сайын арта берген нарктуу, айкөл элдин мекени.

Кыргыз жерине бул дүйнөнүн бейиши деген баа бекеринен берилген эмес. Ал ыйык: анын ар бир ууч топурагы каарман ата-бабаларыбыздын канына эчен ирет чыланып, эчен ирет камырдай жуурулган - алар урпактарым ушул куттуу жерде түбөлүк жашасын деп, жанын бергенге, канын төккөнгө кайыл болушкан. Биз ата-бабаларыбыздын көчүн татыктуу улап, ыйык мекенибизди, дайыма көздүн карегиндей сактап, коргоп, өз урпактарыбызга кемитпей, толугу менен өткөрүп берүүгө милдеттүүбүз!

Кыргыз жеринен сызылып чыккан мөлтүр булак сууну ичип, талаасынан өнүп чыккан даны менен азыктанып, аңкыган абасынан дем алып жашап жаткан ар бир адамдын күрөө тамырында биздин ата-бабаларыбыздын каны бар, көөдөнүндө муундан-муунга өтүп келген көрөңгөлүү деми бар. Карт тарыхтын сабактарын эске алсак, биздин өлкөбүздө бөлөк-бөтөн эч ким жок - баарыбыз кандашпыз, бир тууганбыз!

Бул ыйык жерде айкөлдүк өкүм сүрүп, эч бир жан, эч качан, эч кандай себеп менен, эч бир күч тарабынан кемсинтилбейт, басмырланбайт! Анын ээси - биз, кыргыз жарандары, баарыбыз биригип, бул ыйык Мекенибизди жан аябай коргоого дайыма даярбыз! Анын бир чымчым топурагына да, эч ким эч качан көз арта албайт!

Бул дүйнөнүн бейиши атыккан жерибизди ыксыз талап-тонобой, бөөдө ысырапка учуратпай, аяп, сүйүп, акыл-эс менен пайдалануу - баарыбыздын жарандык ыйык милдетибиз. Кыргыз жери - келечек муундарыбыздын эң негизги, түбөлүктүү Алтын казыбыз!

Мына ушул куттуу жерди ээлеп турган мамлекет - Кыргыз Республикасы - баарыбыздын эң кымбат, жандан артык байлыгыбыз; аны баарыбыз биргеликте, кажыбас кайрат, талыкпас эмгек менен өнүгүүнүн дүйнөлүк бийиктиктерине чыгарабыз! Куттуу мамлекетибиз - Кыргыз Республикасы бар болгондугу үчүн гана биз барбыз - мамлекетсиз, биз баарыбыз эч жерде эч ким эмеспиз!

### VI. Кыргыз эли

Кыргыз эли - жеке өзүнө таандык тарыхый тагдыры бар, миңдеген жылдар бою өз аталышын, мамлекеттүүлүк салтын жоготпой сактап келген, адамзат өркөнүнө орчундуу салым кошкон, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган, кайталангыс эл.

Кыргыз элинин тарыхы, алар менен ирегелеш, этномаданий алакада жашаган башка элдердин да тагдырына таасир эткен, адамзаттын коомдук өнүгүү жолун өз тажрыйбалары менен байыткан орток окуяларга бай.

Кыргыз эли заттык жана рухий өндүрүш жагынан кайталангыс натыйжаларды жаратууга жетишкен: турак жайы, кийим-кечелери, тамак-ашы, аваздык аспаптары, улуттук оюндары, кол өнөрчүлүгү, чарбасы, дүйнөдө теңдеши жок элдик оозеки чыгармалары - баары көчмөндөр цивилизациясынын кайталангыс эстеликтери.

# Кыргыз тилин окутууда шыктандыруучу ыкмалар





**Бакирова Перизат Дуйшенбаевна – Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин жетектөөчү адиси.**

Жалпы билим берүү уюмдарында кыргыз тили жана адабияты предметин берүүдө, окуучулардын кыргыз тилине карата кызыгууларын арттырууда мугалимдердин эмгеги зор десек болот. Ааламдашуу шартында коомдук аң-сезими закымдап, илимий-техника алдыга өсүп-өнүгүп, жасалма интеллект сыяктуу улам жаңы ачылыштар менен таң калтырган заманда ар кандай платформаларды колдонуп сабактарын кызыктуу өтүп жаткан кесиптештер жок эмес. Мына ушундай мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө жана усулдук көштоо бөлүмүнүн иш планына ылайык кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн тажрыйба алмашуу жана жайылтуу максатында семинар - тренингдер өткөрүлүп турат. Семинар-тренингдерди өтүүдө кесипкөй мугалимдер ар кандай усулдар, платформалар менен окуучуларга өтүлгөн сабактарын мугалимдерге да өтүп, платформалардын түрлөрү менен тааныштырып келет.

Семинарларды өткөрүүдө өзүнүн ыкмалары менен бөлүшкөн Бишкек шаарындагы мыкты кыргыз тили жана адабияты мугалими менен тааныштыра кетсек.



Жээнтаева Кайыр Курманбековна - №12 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими. 1996-жылы И. Арабаев атындагы КМПУну аяктары менен борбор калаанын №1 орто мектебинде эмгек жолун баштаган.

2002-жылы Свердлов районундагы №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексине которулуп, ушул убакка чейин жаш муундарды тарбиялап, заманбап окутуунун алдыңкы технологияларын, ыкмаларын колдонуу менен мугалимдик кесипти аркалап келүүдө.

2022-жылы Кыргыз билим берүү академиясынын аспирантурасына тапшыруунун себебин мындайча түшүндүрдү: “Сабакта 45 мүнөт кыргызча сүйлөтүүгө аракет кылганыбыз менен баары бир алар сабак бүтүп, танаписке чыгары менен орусча сүйлөөгө өтүшөт. Үйдө деле ата-энелери орусча сүйлөшөт. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, себеби айлана-чөйрөнүн, социалдык тармактардагы кызыктыруучу тиркемелердин, контенттердин басымдуу бардыгы орусча, ал тургай кээ бир балдардын тили англисче да чыга баштады. Кыргыз тилин сактап калыш үчүн, биринчиден ата-энелер кыргызча сүйлөш керек, анткени бардыгы үй-бүлөдөн башталат. Экинчиден үйдө кыргызча ырлар жаңырып, кинотасмалар көрүлүп, жомок, адабий китептер окулуп, кыргыз элинин баалуулуктарынан айта жүрүү керек экени баарыбызга түшүнүктүү. Андан сырткары кыргыз тили сабагын калтырбай, үйдө ата-энелерден диалектилерди, орусчаны кошпой таза сүйлөөгө чакыруу да жакшы жыйынтыкка алып келмекчи. “Мен келечекте Кыргызстанда жашаймын жана иштеймин. Кыргыз тили менин жашоо куралым болот, андан ийгилик табам, кызматта иштейм, билим алам. Кыргызстанды тереңдеп үйрөнөм” - деген келечектүү кызыкчылыктын, оң мотивдин болуусу, б.а. кыргыз тилинин бала үчүн жашоо каражаты болуусуна шарт түзүү максатында, “Башталгыч класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары А1 деңгээлинде үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери” темасын тандадым”.

Дасыккан мугалимдин дагы бир өзгөчөлүгү кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө коммуникативдик жана интерактивдик ыкмаларды сабактарда активдүү колдонуу натыйжалуу жана тилди тез өздөштүрүүгө өбөлгө түзөрүн жакшы билет. Бул ыкмалар тилди практикалык максаттарда колдонууга басым жасап, окуучулардын тил чөйрөсүнө активдүү аралашуусун камсыз кыла аларын баса белгилейт, мисалга:

- учурашуудан кийин эле 2 мүнөттүк жупта баарлашуу, ролдук оюндар (таанышуу, дүкөндөн сатып алуу, дарек суроо ж.б.) бул ыкма өзгөчө сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырат;
- кейс-ыкма (жашоодон алынган кырдаалдарды чечүү, мисалы, окуучулар туристтерге жардам берүү же кооз жерлерди сунуштоо)
- жуптук же топтук иштер (диалогдор, оюндар, биргелешкен долбоорлор)
- аудио же видео материалдар (кинотасмалар, радиоуктуруулар, подкасттар)
- жазуу жана окутуу практикасы (күндөлүк жазуу, блог жүргүзүү)
- ар бир сабакта темага байланыштуу кеп клишелерин колдонуу, мисалы:

Мен жакшы окушум керек.
Мен жакшы окусам, ЖРТдан жакшы упай алам.
Жакшы упай алсам, каалаган ЖОЖго өтөм.
ЖОЖго өтсөм, мыкты адис болом.

Бул ыкмалар окуучулардын грамматиканы жаттоо менен чектелбей, тилди реалдуу колдонууга, тил үйрөнүүгө болгон шыктанууну арттырууга жана кыргыз тилинде эркин сүйлөөсүнө жардам берет.





ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)

21 02 2025

kyrgyztili@mail.ru

# *Тил - дүйнө таанымдын куралы*

**Султан Раев:** **Чыңгыз Төрөкулович, глобализациялык процесстер канчалык кулач жайган сайын, анын каршылаштары да чыгып жаткандыгын массалык маалымат каражаттары жазып жатат. Дүйнөдөгү бардык прогресс эле өзүнүн оң таасирин тийгизе бербейт. Азыркы арааны ачылып жаткан маалымат кылымы, нарк экономикасы коомдогу ыйман, руханий чөйрөнү экинчи планга түртүп, адам жан дүйнөсүн руханий кризиске учуратары айдан-ачык билине баштады.**

**Акыркы маалыматтарга таянсак, ушул тапта жер жүзүндө жыл сайын улуттар, тилдер жоголуп бараткандыгына күбө болобуз. Мына ушул ракурстан алып караганда, ар бир элдин эң ыйык байлыгы бу – тил. Ошол өз тилин жоготкон элдердин тили күндөлүк турмушта колдонулбай, керектөөдөн чыгып калгандыктан улам жоголуп кеткендигин эчен мисалдар аныктайт. Биз канчалык улуттук тилибиз тууралуу кеп кылбайлы, ал маселе уюткусу тилде гана эмес, тил аркылуу улутту сактап калууда турат.**

**Тилди сактоо ириде улутту сактоо деген түшүнүк менен тең карала турган маселе. Ал эми улуттук тилди кайсы бир тар кызыкчылыктардан улам саясаттын предметине айлантуу, анын тегерегинде саясий чайкоочулукту жүргүзүү, өз эне тилибизге кылган кыянатчылык деп баалар элек. Чыңгыз Төрөкулович, мына ушул мааниден алып караганда, Сиздин оюңузча, улуттук тилибиз өлкөнүн расмий турмушунан четтетилип калган жокпу?..**

> *Эгерде биз тилибизди ыйык тутуп, кийинки муундарга жеткире албасак, тил гана эмес, улут да жоголуп кетет.*
>
> **Чыңгыз Айтматов**

**Чыңгыз Айтматов:** Тил жөнүндө сөз эң оболу улут жөнүндө сөз дегендик. Кайсы улут болбосун анын түбөлүктүүлүгү тилинде. Кыргыз тили кыргыз баласына эненин сүтү менен бир келген катары кабылданат. Тилге кыянатчылык кылуу – демек, ал улутка кыянатчылык кылган менен тең катар бааланышы керек. Мына биз тилибизди мамлекеттик тил деп жарыяладык, кыргыз тили мамлекеттик тил деп жар салып жатабыз... Ооба, мыйзам боюнча ошондой... Бирок, ошол иш жүзүндө болуп жатабы?!. Кайсыл жерге келбе – баары орус тилинде.

Мен орус тилин чанып жаткан жерим жок. Орус тилин чанууга эч кандай себеп да жок. Бул улуу дүйнөлүк тил. Биз орус тилин көпүрө, каражат катары пайдаланышыбыз лаазым. Ал эми кыргыз тили бул титулдук элдин тили, бул тил өз кыртышында өнүгө албаса, кайда өнүгөт?.. Коммунисттик системанын тушунда, авторитардык режим өкүм сүрүп турганда эне тилибиздин проблемасын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккам. Анда тил тууралуу сөз кылуу улутчулдук катары бааланган.

Мага ал кезде айрым басылмалар "улутчул" деген жарлыкты илип, улуттук тилди сактап калуу тууралуу ойлорумду "штыкка" алышканын баары билет. Бирок, улуттук тил маселесин мен жазуучу катары көтөрүп чыкпасам, анда ким көтөрүп чыкмак?!. Чындыгын айтайын, улуттук тилибиз үчүн башымды сайып коюуга деле кайыл элем...

Тил маселеси азыр деле өз актуалдуулугун жогото элек. Азыр да курч турат. Тилди сактап калуунун, андан ары өнүктүрүүнүн бирден-бир фактору улуттук тил – мамлекеттик саясаттын негизги атрибуту болуу менен, ал өлкөнүн расмий турмушуна жанаша жашаш керек деп ойлойм.

Өлкөнүн расмий турмушунан, б.а. мамлекеттик бийик деңгээлдеги иш чаралардан четтетилип калса, анда ал күнүмдүк турмуш-тирчиликтин гана тили катары гана жашап, өзүнүн жалпы улуттук милдетин жоготот. Тилди өнүктүрүүнүн чоң системасын түзүшүбүз зарыл. Айрымдар улуттук тилибиз саясий, экономикалык, укуктук тил катары калыптана элек деген ойлорду айтат. Бул тек гана улуттук тилдин кадырын түшүрүү деп баалайм. Тил ийкемин ошол деңгээлге көтөрүүгө өзүнчө бир мамлекеттик саясатты, тилдик маданиятты, системаны түптөө кажет.

Биз улуттук тилибизге ыңгайлуу чөйрөнү түзмөйүн аны өнүктүрө албайбыз. Тил саясаты бала бакчадан, Жогорку Кеңешке чейин, өкмөттүк жыйын, протоколдорго чейин жүргүзүлүшү зарыл. Улуттук тилибиз - эчен кылымдар бою ата-бабаларыбыздан бизге жетип келген улуу дөөлөт. Демек, биздин милдет - аны кийинки муундарга калтыруу. Эгерде биз тилибизди ыйык тутуп, кийинки муундарга жеткире албасак, тил гана эмес, улут да жоголуп кетет.

Тил алдындагы жоопкерчилик жөнөкөй букарадан тартып, жогорку бийлик өкүлдөрүнө, президентке дейре бирдей. Эгер бу жоопкерчиликти сезбесек, анда жакшылык жок... Ырас, улуттук тилдин алкагында эле чектелип калуунун өзү да прогресске алып келбейт. Азыркы өзгөрмөлүү дүйнөдө бир нече тил билүү турмуштук зарылчылык катары бааланат. Мына ушул жагдайдан улам мен мындай бир формула чыгардым: азыр эки үзөңгүнүн заманы, эки үзөңгүнү теминмейин алдыга жыла албастыгыбызды да эстен чыгарбайлы...

**Султан Раев:** **Чыңгыз Төрөкулович, бир жолу Сиз "кыргыз тили оң колум, орус тили сол колум" деп айттыңыз эле. Акыркы кезде чыгармаларыңыздын "сол колуңуз" менен жаза баштадыңыз, бу сол кол жүрөккө жакын деген түшүнүктөн келип чыккан жокпу?..**

> *Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыга алдым десем, аны эне тилимдин улуу духунан көрөм...*
>
> **Чыңгыз Айтматов**

**Чыңгыз Айтматов:** Жок. Азыркы заманда тил – коммуникациянын гана эмес, дүйнө таанымдын башкы куралына айланды. Биз каалайбызбы, же каалабайбызбы, көпчүлүк учурда орус тили аркылуу дүйнөнү таанып, дүйнөлүк маалыматтан тартып, дүйнөлүк дөөлөттөргө дейре ушул тил аркылуу аралашып жатабыз. Кеп, эң оболу тилде эмес, дилде. Адам өз тилин дилинде ыйык тутса, ал эч качан үңгу тилин чанып кете албайт. Кыргыз баласына бу эки тил бир куштун эки канатындай. Тил - адам ааламынын алака мейкиндигин кеңейткен касиеттүү күч. Кыргыз тили мен үчүн Мекен, эне, киндик кан тамган жер сыяктуу эле ыйыктын ыйыгы. Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыга алдым десем, аны эне тилимдин улуу духунан көрөм...

**Материал Султан Раевдин архивинен алынды. 2004-жыл.**
*(Кыскартылып берилди)*





ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2
(31
21
02






Чүй облусунун Сокулук районуна караштуу Кожомкул айылы (Военно-Антоновка) **1917**-жылга чейин негизделген. Ал жерде алгач кыргыз, орус жана еврейлер жашашкан.

Жалпы аянты **72** миң **300** кв/метрди түзөт.
Деңиз деңгээлинен **722** метр бийиктикте жатат.
Айылдардын саны – **1**
жаңы когуштардын саны – **8**
Калктын саны **21 071**ди түзөт.
Түтүндүн саны **4441**. (2024-ж.)
Калктын улуттук курамы
**70%** кыргыздар,
**21%** орустар,
**1%** өзбектер жана
**8%** башка улуттагы адамдар.

**Айылдагы социалдык объектилер:** эки орто билим берүү мекемеси, бир башталгыч билим берүү мекемеси, эки үй - бүлөлүк дарыгерлер тобу жана эки бала-бакча бар. Ал эми дене тарбия жана спорт жаатында жаштардын демилгеси менен курулган "Кожомкул" атындагы спорт комплекс, бир стадион жана кичи футболдук аянтча бар.



Каба уулу Кожомкул **1888**-жылы (документ боюнча 1889-1955-ж.) Суусамыр өрөөнүндө балбандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Кожомкул балбан өзүнүн алптыгы менен эле эмес, бийик адамгерчилиги, кайрымдуулугу менен элге жаккан. Совет бийлигинин орношуна зор салым кошуп, мамлекеттик жана коомдук ишмер катары да белгилүү.






ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Калтылдак дүйнө

## (Турмуштан түшкөн жазуулар)



**Меңдибек Асылбеков**
***(Философиялык бөртүмдөр)***

*Сен үчүн чалчыкты да кечип өткүсү келбеген кишилер үчүн океандан сүзүп өтпөй эле коюш керек.*

**Федор Достоевский**

*Чоң жакшылык үчүн кыпындай да жамандык кылба.*

**Блез Паскаль**

Мээ көзөгөн ойду сууруп чыгып кагазга түшүрүүнүн машакаты эбегейсиз. Бул өзү кажыбаган талыкпас мээнетти да, күчтүү эркти да талап кылган түйшүгү көп өзгөчө өнөр экен.

***

Бир карасам ойлорум көккө шаңшып чабыттап кетип жатканы, бир карасам тереңге кетип жатканы. Алар болор ишти күн мурун боолгоп, алдын ала сезип мага акыйкатын айтып турушат. Мен аларга ишенем. Ойлор мени ааламга чыгарып, бийиктикке көтөрүп, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөгүм катары, турмуштун ысык-суугунда ысык шыбыры менен дем берип, күч кубат дымагымды арттырып, качан болбосун күндүр-түндүр чогуу жүрүп, жалгыздыгыма ар дайым шерик болуп турганына, турмуш шоокумун сезип, кудай мыйзамынын кудуретин туюп турганыма шүгүрчүлүк келтирип, тообо кылам.

***

Өмүр өзү мезгил закымында чачылып калар болгон соң, эмгек, тер, мээнет дегениң убакыт бүктөмүндө калып жаткан кезде көр дүнүйө, жыйган мүлк, таанымалдык сөөлөттөрүң деген эмне экен. Мыскалдап жыйган кадыр-баркыңдын бири да опо болуп бербес. Алар пенденин көзү барда өз кезегинде утурумдук эле паана болуп, сыймыкка бөлөп көңүл кушун көтөрүп турар, андан кийин бери эле жакта калар пенделик бедел тасмыялар болот экен. Ага пенденин өөдөлөнгөнү, бүшүркөп күймөлүп турганы да жарабас жосундур. Пендечиликте бирөөнүн өмүрүн өлчөп, өкчөп, өзүнө көз каранды кылгысы келип, чамасы жетсе ары-бери калчап басмырлап кордоп, үстөмдүк кылууга умтулуп туш келди ойкуштап ар түркүн кубулуп, колунан келсе адам тагдырын мышык чычкан ойноткусу келип кутуруп турган караөзгөй жандимилер туш тараптан кезигет. Аларга теңелбегиле. Бардыгын кудай өзү тегиздейт.

***

Адам баласы бул дүйнөгө азиз мейман, эртеси табылбай калар. Ага болорбу, пенде дегениң чектен чыккан жырткычтыгын токтото албай келет. Алардын азабы да, ар дайым акыр кыяматын чакырып турган жан алгычтай илдети да ушунда. Опосуз айлампа дүйнө. Түбөлүктүү өмүр жок, түбөлүктүү бийлик да жок. Түбөлүктүү атак-даңк да жок. Өңгөлөрдөн жогорубуз дегенсип, өздөрүн ак сөөктөрбүз деп атап алгандардын турмушунун да түбөлүктүүлүгү жок. Тирүүчүлүктө пенденин эңсөөсү болгон жылтыраган ар кандай сыйлык, наам даража, атак-даңк дегендей шарпалары убакыттын өтүшү менен унутулуп калар, мезгил серпиндисинде кумга сиңгендей чачылып табылбай кала берер сөөлөт чопкуттар болот. Баардыгы өз доору менен кошо эңшерилип көчүп кете берет.

Адам пенделер утурумдук заманында ошол үчүн ат салышып, ичи тардык кылып тирешип, бири бирине көрө албастык кылып жулукка тээп шорлотуп, карасанатайлык менен аңга кулатып, караөзгөйлүгү кармап бирде алдуусу алсызын баса калса, бирде тымызын арамзалыктын жолуна түшүп бирин бири курутуп, нааданчылыктын сазына батып, өз кыяматтарын өздөрү чакырып келишет.

***

Пенделер бири бирине оңой менен жакшылык кылбаган кейипти кийип баратышат. Жамандык дегенде жантыгынан жата калган, ошону менен көкшөөсүн сууткан наадандар көп кездешчү болду. Ачык өлүм- адамдын ичер суусу түгөнүп өз ажалынан каза болгону. Туюк өлүм-пенденин киши колунан мерт болгону. Төбө чачты тик тургузган, кудайдын да каарын келтирген жоболоңдуу жексур наадандыкка баткан залим жоруктар көбөйүп кетти. Адамдар жөн эле жеринен өлүшпөйт экен. Кастарын тиккендер болот экен. Шүйкүмү курусун. Адам баласын кыяматтан кудай өзү эле сактасын.

***

Митечилик менен желмогузчулуктан арылмайынча адам баласынын турмушу оңолбой турганына көзүм жетти. Кандай жамаатта, кандай топто болбосун ниети бузулуп жаманчылыгы башынан ашып турган пенделерди көрүп тообо кылбаска арга жок. Ошон үчүн элде «кайда барба мамайдын көрү» деген учкул сөз айтылып калса керек.

***

Адам баласы өмүр көз ирмемдей зыпылдап өтүп кетерин күн сайын эстеп турса кана.(Түбөлүккө келгенсип кенебей бейгам жүрүшөт да.) Күндө болбосо да күн ара эске алып турчу эң аздек, эң кымбат, эң бир ыйык нерсе го бул өзү. Ага пенде болбойт экен. Күндөлүк бүтпөгөн тирилигине бүткөн боюу менен кирип алып, андан башын тарта албай алпурушуп, ириминен чыга албай илкип-калкып, бир нерсеге жетейин деп далбас уруп ашыгып турмуш деген ушу тура деп жүрө берет тура бечара. Кудум эле бул өмүргө биротоло түбөлүккө орун-очок алып келгендей сезилсе керек да пендеге. Андан бир күнү кайып кетери капарына да кирбейт окшойт.

***

Качан бир адамдык кутубузду сүйүнтүп, пенделик кадырыбызды билип турар экенбиз. Качан бир ачыкка чыгып бири бирибиздин көөнүбүздү көтөрүп жакшылык кылганга кол сунабыз. Бири бирине жоо болуп аңдышып жүрүп өмүрдөн өткөн пенделердин турмушунан сабак алсакчы. Өмүрдөн жакшылык эле калат экен.Сакталып калганы да жакшылык. Ушул утурумдук мөөнөттө өз ара кадырлашып, бири бирибизди боорго тартып, чын ыкластан жардам кылып, ыраазылык билдирип, каниет кылып, шүгүрчүлүк келтирип жашаганга, дегиси эле адамдык касиеттин ажарын ачып, пенделик өз ара келишпес жоосунсуз жоруктардан бийик туруп, жакшылык арттырып жашаганга качан үйрөнөр экенбиз.

***

Качанга чейин пенделик опосуз жорук-жосундардын чемгеринен чыга албай, көрө албастык менен ич тардыктын чеңгелинен бошоно албай, кургуйга кулап баратса кол сунуп тартып алганга жарабай, өңдү көрдү жүз тайды дегендей сыпаа жылмайган болуп жүрө беребиз. Качанга чейин колунан келип турган пенде өөдөсүнүп өкүмзордук кылып басмырлап, алдуусу алсызын баса калып кордой берет. Качанга чейин бири бирибизди жек көрүп, өзүбүзгө жакпаса эле, ыгына көнүп ийилип турбаса эле тепкилеп, ак жерин кара кылып жаман көрсөтүп кадырына шек келтирип, боз ала кылып, сөөк өчтү душманды таап алгандан бетер беймаза кылып, ар тарабынан тымызын ыдык көрсөтүп, басмырлай беребиз. Мындай бейопаалыктын чеги болуш керек да. Анткеним өмүр деген чектелүү, өкчөлүү болот. Бир күнү жалп этип өчүп калат. Бир бирибизге жамандык кылганыбыз эле жетишпей жаткансып.

***

Адамдарга жашоо маданиятын үйрөтүү керек. Бул деген материалдык жактан толук камсыз болуу, илим-билимдүү, интеллектуал болуу деген эле кеп эмес. Бири-бирибизге адамдык мээрим төгүп, урмат, ызаат кылып жакшылык арттырып, кадырлашып жашоо керек деген ойду, адам өмүрүнүн эң бийик мүдөөсүн туюнтуп турарын эстен чыгарбасак.

***

Эгемен болдук калкым деп жетине албай сүйүндүк. Бийликке келген төбөлдөр эл ырысын эңшерип, мамлекет мүлкүн аябай таламай кылып аларын билбептирбиз. Эл менен эсептешпей тымызын жер сатарын билбептирбиз. Каяша кылган элине ок атарын билбептирбиз. Караөзгөйлөр чамгарактап кутурарын билбептирбиз.

***

Мансап дегениң пенденин ой-боюна койбой эпкиндетип, өрөпкүтүп коет. Ошондуктан, мандат алган пенденин көбү өзүн өкүмдар сезип көзү тумандап көпчүлүктү тоготпой чакчаңдап калат. Мансапкорлук иримине тартылып анын уусуна чыланып калган пенденин ашкере өкүмзордук менен заарын чачып өз элине көрсөткөн кордугу менен залимдигине кудайдын да сайсөөгү сыздап, бүткөн боюу титиреп кетсе керек.

***

Абайлагыла, сак болгула. Адамдар коомунан баарын күтсө болот. Анда баары бар, жамандыгы да, жакшылыгы да. Жакшылыгынан жамандыктары көп. Эзелтен бири бирине жоо чыгып келаткан айыкпас илдети бар пенделердин. Алардын азабы да, шорун кайнатып келаткан кууралы да ушунда. Жер каймактагандан эле өз азабын өзү чакырган, өзүнө өзү душман чыккан азаптуу кургуйдун ириминен чыга албай какап-чакап, өз колдору менен курган тозоктун кордугун көрүп, андан биротоло сакайып кете албай, турмуш бороонунда кайыгып, арыпазып келатышат. Андан чыгып кетер мезгил келер бекен?! Жаратkандын күткөнү да ушул эмеспи.

Адамзат жакшылыгын эч ким колдон тартып ала албайт. Турмушту турмуш кылып сактап келатканы да ошол жакшылыгы. Ал эми жамандыгычы. Айтканга дит барбайт, айпай эле коелучу. Айрым бир пенделердин караөзгөйлүгүн, карамүртөздүгүн, жүзүкаралыгын, таш боордугу менен мерестигин көрүп туруп төбө чачың тик турат. Жылмайып туруп эле бирин бири жибек менен мууздап турушат. Котур ташын койнуна катып жанында жүрүп эле бири бирине жамандык кылып турган ырайы суук пенделер көбөйүп кетти. Алардын чыныгы түрүн сүрөттөөнүн өзү аябай коркунучтуу. Желмогуздарынын кейпи башка, ичтен чыккан ийри жылаандардын азабын кантесиң.

Жырткычтар үйүрүндө да мынчалык коркунучтуу эмес. Пенделер бири бирине кастарын тигип көрүнө да көмүскө да тиш салып өздөрүн өздөрү аябай набыт кылып, кан төгүп акыр кыяматын чакырып кутуруп тургандай жырткычтар бири бирине жамандык кылышпайт. Карышкырлар да бири бирине пенделердей зыян кылышпайт, анчалык коркнучтуу эмес.

***

Жаш досум, мурда сен бир максатка жетсем, элге кызмат кылсам деп ак эткенден так этип келсең, кийин депутат болот элем деп ал муратыңа да жеттиң. Көңүлүң оболоп учуп менменсип, өктөм сүйлөп, дымагың таш жарып эйфорияга алдырып, кыялың менен шаар куруп жүргөн баштооч кезиң өттү. Эми эл үчүн кызмат кылуучу убагың келди. Боорум, эл-журтуң күтүп турат. Калк мүдөөсүн орундап, Ата-Журттун үмүтүн актап, ооматын арттырып шаңшып чык! Чабытың бийик болсун.

***

Карасанатайлык, караөзгөйлүк, көрөалбастык, арамзалык дагы ушул сыяктуу пендени ичтен жеп келген эң коркунучтуу дарттан коомубуз айыгар кез келер бекен. Бул тээ жер каймактап адам баласынын аң сезими калыптана баштаган кезден эле пендени туш тарабынан тооруп азабын берип сыздатып, кедерин кетирип кендирин кесип келаткан алиге дарысы табыла элек жер жүзүн каптап турган зыяны көп кесепеттүү илдетке айланыптыр. Жөнөкөйлөтүп четин эле айтканда, пенде көпчүлүгү колунда жок жону жука адамды басмырлап, киши катарында көрбөй, теңине албай жанына жуутпай кор кылып, өзү бир оңуп калгансып керсейип, кекирейип турат. Турмушу жакшы болсо, тың чыкса көрө албай ичи тарып кеткен учурлары көп болот. Аты чыгып элге таанылып калса, көпчүлүк учурда туугандары да, достору да окчундап жолобой калышат. Жолобой калганына кейибе душман болуп жамандык кылбаганына тообо дей бер. А бирок, ар дайым сактана жүр. Пенде табиятында эзелтен канына сиңип келаткан ушундай акистиктен, кеселден качан, кантип арылар экен.

***

Эл өкүлү деген эң негизгиси мамлекет үчүн пайдалуу мыйзамдарды даярдашы керек. Ошон үчүн ким эле ага душман болуп кол салып жибермек эле. Илгерки депутаттар деле эл таламын, мамлекеттин кызыкчылыгын көздөп иш кылышкан. Ашкере артыкчылыктардан пайдаланышкан эмес. Кол тийбестиги турсун жан сакчысы болгон эмес. Депутат болом дегендерге кол тийбестик эмне үчүн керек болуп жатат. Эмне үчүн кол тийбестикке ээ болом деп чуркап жүргөндөр көп. Түшүнүктүү да. Деги эле кол тийбестик статусун, макамын коргоп алары жок бейбечараларга эле берип койсо жарашып калмак экен.

***

Адам эркин куушурган тосмолордон кабыландай каргып өтүп элге-журтка керектүү көкөй кести көйгөй болуп келаткан маселени хандан, бектен тартынбай көтөрүп чыгып, көлдөлөңүнөн түшүрүп, мудаасы менен турмушка ашырып ажаат ачып эл-журтту курсант кылган эл өкүлдөрү бар. Бирок алар абдан эле аз.

***

Аалам толо күргүштөгөн айлампада агын ак, көгүн көк деп тескеп тийиштүү бүтүмүн чыгарып жараткан мыйзамы күүлдөй жүрүп турат. Андан өткөн бийик да, ыйык да, адилет да, калыс да, кудуреттүү да эч нерсе жок. Ал дүйнө атпайга текши жашоо өнүмүн ыроолоп, ага баш көз болуп ааламда теңдешери жок өзгөчө касиет күчкө ээ болуп чексиздикти ийгерип, ага көлкүлдөй сыйып турган турмушту жаратып жана сактап өз өкүмүн жүргүзүп турган түбөлүктүүлүгү менен эбегейсиз даңктуу, кыбырап жан бүткөндүн баары ага таазим этип турганы ошондон. Анын асмандан баам салып турган карегинен эч ким кыйгап өтө албайт. Жакшылык кылгандарга жакшылыгы, жамандык кылгандарга жамандыгы кайра өзүнө кайтып келип турат. Кудайдын көзү бар дүйнө деген ушул.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

# *Тил деген бул – метрикасы улуттун!*



## *Эне тил*

**Жеңижок**

*Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башына акыл жукпаган.*

*Ааламдын көркү күндө бар,
Адамдын көркү тилде бар.
Акындын көркү үндө бар,
Ашыктын жайы дилде бар.*

*Бакпай багың жетилбейт,
Эстүү адам эсирбейт.
Чечендиктин белгиси,
Кезектүү сөздү кетирбейт.*



## *Жаркырай берет түбөлүк*

**Насирдин БАЙТЕМИРОВ**

*Кыргында далай беттешип,
Кыргыздар нени көргөн жок.
Кырылып көбү өлсө да,
Кыргыздын тили өлгөн жок.*

*Кыпкызыл канды кечиишип,
Кыргызды кимдер жеңген жок.
Кыргызды кырып жеңсе да,
Кыргыздын тилин жеңген жок.*

*Кылычын кайрап от чачып,
Кызыгып кимдер келген жок.
Кыргында жанын берсе да,
Кыргызым тилин берген жок.*

*Жомогу кумдай куюлган
Жоголбойт тили кыргыздын.
Жаркырай берет түбөлүк
Нурундай Чолпон жылдыздын!..*



## *Тилдер жана энелер*

**Байдылда САРНОГОЕВ**

*Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу, тили улуу
Өйдө-ылдый деп, айта албайбыз эч бирин.*

*Уккун мени, уул-кызым жаштарым!
Ушул сөзүм жадыбалдай жаттагын.
Тилди тилге, эне менен энени
Чаташтырбай өз-өзүнчө барктагын,
Төртөөнүн тең тазалыгын сактагын!*



## *Эне тилин унуткандар*

**Шайлообек ДҮЙШЕЕВ**

*Чырмалышкан иштин да чатышы бар,
Чындыктын да чыгышы, батышы бар.
Чытырмандын Кудайы пил эле эмес,
Чымындын да жашоого акысы бар.*

*Сайдын дагы башталган башаты бар,
Саяпкердин сактаган такасы бар.
Өрөөндөгү кенедей өзөндүн да,
Өз тилинде чардаган бакасы бар.*

*"Кыргызмын" дейсиң мага,
Кыйшактап бийлеп туруп.
"Кыргызмын" дейсиң мага,
Кыргызча араң сүйлөп туруп.*

*Кыргыз эмес, кыргызды жыдыткандар,
Кылым кезген тарыхын унуткандар.
Кыргыз эмес, кыйшайтып калпак кийип,
Кадыр-баркын калкынын куруткандар!*

*Тил жоголбойт, жоголсо, жоголот дил,
Уулуң дагы, кызың да жоголот, бил!
Тил жоголбойт, жоголсо айланасың,
Колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!*

*Калдайгандын баары эле канат эмес,
Кабыландын баары эле Манас эмес.
Калкын чанган, калкынын тилин чанган,
Кан болсо да кыргыздын баласы эмес.*

*Жыргагандын баары эле турмуш эмес,
"Жылт" эткендин баары эле жылдыз эмес.
Билебиз деп төштөрүн каккан менен,
Билбегендер өз тилин кыргыз эмес!*

*Тил жоголбойт, жоголсо, жоголот дил.
Тукумуң да, тууруң да жоголот, бил!
Тил жоголбойт, жоголсо айланасың,
Колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!*



## *"Кыргыз тилим минип калды араба"*

**Жеңишбек Жумакадыр**

*Буга чейин айтты далай акындар,
Антсе дагы айта турган акым бар.
Кыргыз болуп төрөлгөндөр,
Кыргыз тилин унутууга, айтчы, кандай акың бар?*

*Кыргыз туруп орусчалап сүйлөгөн,
Өз баласын орусчалап тилдеген.
Кыргыз туруп кыргыз тилин сүйбөгөн,
Арабызда кыз-уландар жок бекен,
Салам менен "приветтин" айырмасын билбеген.*

*Казактарды карагыла, казакча го ырлары,
Өзбектерди карагыла, өзбекче ырдады.
Орусчалап бийлегин деп,
Орусчалап сүйлөгүн деп силерди ким кыйнады?
Чет тилди да үйрөнөлү,
Бирок анын сүйлөй турган жери бар,
Ата-бабам айтып келген, ар нерсенин чеги бар.
Айткылачы, кыргыздарым,
Кыргыз тилдин башка тилден кай жеринен кеми бар?*

*Таза туруп баттык окшойт санаага,
Ак нерсени алмаштырдык карага.
"Ата" дешти алмаштырып "папага",
"Эне" дешти алмаштырдык "мамага".
Башка тилдер минип жүрсө Мерседес,
Кыргыз тилим минип калды араба.*

*Кыргыз дебейм, кыргыз үчүн көксөбөгөн максатты,
Кыргыз дебейм, элди бөлгөн, жерди бөлгөн аймакты.
Кыргыз дебейм, сатып жүргөн өз мекенин, там-ташты,
Кыргыз дебейм, өз тилинде сүйлөбөгөн акмакты.*



## *Улут болсом — тилим менен улутмун*

**Эсенгул ИБРАЕВ**

*Эй жарандар,
Эскертерим силерге:
Чындап кызмат кылам десе ким элге,
Сүйсүн тилин
Сүйгөн жарын сүйгөндөй,
Күйсүн тилге
Перзентине күйгөндөй.
Жалгыз ырын ырдай берет кекилик,
Кекиликтер койсун мени кечирип.
Эне тилин билбей туруп,
Эне тилге күйбөй туруп,
Эли-журтун
Сүйөмүн деш чекилик.
Ысыгына алар күйүп,
Суугуңа тоңалбайт
Эне тилин түшүнбөгөн,
Кур кыйкырып күпүлдөгөн,
Эч убакта Атажурттун
Анык уулу боло албайт!*

*Бул чындыкты
Тилин танган
Тилазарлар,
Динин танган
Диназарлар угушсун.
Мейли алардын куйкалары
Курмушудай курушсун.
Ар улуттун улуттугун аныктаар,
Тил деген бул —
Метрикасы улуттун!*

*Улут болсоң тилиң менен улутсуң!*

**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН

№2
(312)
21
02
2025

kyrgyztili@mail.ru

# Жеңишбек Эдигеевдин эсселери тууралуу








**Садык АЛАХАН**

Эгемендикке ээ болгон алгачкы он, он беш жылда улуттук маданиятыбыз менен адабиятыбыз бир топ оор абалга тушукту. Мындай капсалаң күнгө түшүүнүн бир нече себеби болгону бүгүн баарыбызга түшүнүктүү. Экономикалык каатчылыкты айтпаганда да атпай журт өзүн алдыга сүрөй турган, барар багытын ачык-айкын көрсөтүп бере турган бакубат көз караштуы, ишенимдүү идеологияны таппай кыйналды, ары-бери урунду. Мына ушундай кыйчалыш учурда – эл элдигин дагы да тереңирээк таанып билүүдө, биринчи кезекте эмнени иштеп, эмнени бүтүрүүнү түшүнүүдө, жапжалгыз идеология өкүм сүрүп турган учурдагы турмуш ыңгайын унутуп, жаңы мамилелердин шартында жаңыча турмушту калыптандыра билүүдө – журналистиканын орду өзгөчө болду. Албетте, биз бул жерде эл көйгөйү менен жашап, элдин мүдөө-талаптарын ачык-айкын айтып чыккан, калк камын ойлоп, калпты эмес чындыкты туу тутуп чыркырап жазган, журт мүдөөсүн эң биринчи сапка коюп, эгемендиктин идеясын бийик көтөрүү менен эркиндикке ээ болуу эбегейсиз оор жумуш экендигин эркин ой жүгүртүүнүн алкагында терең аналитикалык макалаларды жараткан журналистика жөнүндө айтып жатабыз. Арийне, эл көйгөйү, калк камы, журт мүдөөсү менен жашаган чыныгы журналистика мурдагыдай "калемди куралга айланткан партиянын жоокерлерин" эмес, элдин турмушун, жеке пенденин ой-санаасы менен удургуган ички дүйнөсүн ары реалдуу, ары көркөм, ары ишенимдүү айтып бере ала турган журналисттердин жаңы муунун калыптандыруусу турулуу иш эле. Тилекке жараша, дал ушундай болду. Бийлик башындагы бир ууч топко эмес, турмуштун багытын, адамдардын көз караштарын бир саамга да көз жаздымда калтырбаган жапжалгыз идеологияга эмес, атпай журтка кызмат кыла турган ЧЫНЫГЫ ЖУРНАЛИСТТЕРДИН жаңы мууну тарбияланды, журналисттердин жаңыча жашап, жаңыча ой жүгүрткөн мууну келди. Бүгүн биз чыгармачылыгы жөнүндө сөз сала турган Жеңишбек ЭДИГЕЕВ улуттук журналистиканын мына ушундай жаңы генерациясынын алдыңкы өкүлдөрүнүн бири жана түпкүлүгүндө көркөм туюму күчтүү, образдуу ой жүгүртүүсү оригиналдуу калемгер болуп эсептелет.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымында басма сөз ишине аралашкан жаш жигиттин чыныгы журналисттик жүзү, өзүмдүк почерки жаңы кылымда ачылды десек болот. Адилеттик үчүн айтып коё турган нерсе, Ж.Эдигеевдин журналист катары калыптануусунда, андан ары өзүмдүк жолун табуусунда маркум Мелис Эшимкановдун кесипкөйлүк, пенделик өзгөчөлүгү, ал түптөгөн "Асаба" менен "Агымдын" эл мүдөөсүн биринчи сапка койгон тутунган багыты, дегеле бул басылмадагы чыгармачылык жагдай-шарт, андагы алдыңкы журналисттердин жараткан публицистикалык туундулары чоң роль ойногон. Албетте, мындай жетекчи, мындай жагдай-шарт, мындай чыгармачылык чөйрө көрүнгөн эле жаш журналисттин тагдырына буйруй бербейт эле. Бул да болсо андагы жаш Ж.Эдигеевдин журналисттик өмүрүндөгү тагдырдын зор шыбагасы, өмүрдө сейрек учуроочу турмуштук белек болчу...

Мына эми жарым жылдан бери "Кыргыз Туусу", "Азия ньюс", "Ачык саясат", "ПолитКлиника", "Айгай" гезиттеринин беттеринде, социалдык түйүндөрдө "Көк дептер" деген жалпы аталышта жарык көрүп келе жаткан эсселерин, турмуштук этюддарын окуп олтуруп Жеңишбек Эдигеевдин ИНСАН катары калыптануусунун башатын көрдүк, ПЕНДЕ катары калыптануусунун башында АТАСЫ, АТАСЫ жасаган иштер, АТАГА болгон аруу сезимдер турганына күбө болдук.

Окурмандарга сунушталган бардык материалдарда – салыштырмалуу алганда көлөмдүү эсселерден тартып, бир демдей, бир кайрыктай жазылган чакан турмуштук этюддарга чейин – баштан аяк кызыл сызык менен өтүп турган негизги бир образ, ортоң колдой болгон бир каарман бар. Ал – АТА. Автордун "Ата саптар" деген ой толгоосу бар. Бул чакан ой толгоонун ар бир сүйлөмү учкул сөзгө айлана турган деңгээлде жазылган. Минтип айтуу менен биз көтөрө чалып мактоого, же болбосо ашкере апыртып айтууга жол берип жаткан жокпуз. Чынында эле ушундай экендигин окурман өзү байкап-баксын:

"Атаны көрбөй калган кайгы эмес, атаны айтпай койгон – ошол жаман.

Жаман ата болбойт, жаман мамиле гана болот.

Атасыздык мени көп адаштырды, бирок жолдон чыгарган жок...

Мени атам тарбиялаган жок, бирок мен атамдын сапаттары менен тарбияландым...

Мен көпчүлүк балдарга караганда кудайды эрте тааныдым. Анткени эс киргенден бери апам атама куран окутчу. Анан да мен ичимен: "Биз үйдөбүз, атам болсо кудайдын үйүндө", – деп билчүмүн.

Атаны айтам деген уулдарга айтаарым – атаңды көргөндөрдүн өмүрү корой электе аларды көздөй жолго чык...

Мен Атанын колдоосун жөн гана, бир ирет эле татып көргүм келет...

Мен так билем, сен көп жашасаң апам да узак жашайт эле...

"Армандын чоң, же кичинеси болобу?" дешет. "Айыкчу, анан айыкпачу арман болот" дээр элем...

Аталуу менен атасыздын айырмасы биринин атасы бар, а бириники өлгөнүндө эмес, ал – атага деген жүрөгүндө жана ниетинде.

Менин бу дүйнөдөгү эң жакшы көргөн, сыйкырдуу сөзүм бул: "Сен кимдин баласысың?" – деген сөз болду.

Менин жашоомдун ичинде дагы башка экинчи жашоом болду. Ал – атаны элестетүү...

Алыстык же жакындык бул чакырым менен ченелбейт экен, алыстык менен жакындык алар – бири жүрөгүңдүн эң муздак жеринде, экинчиси жүрөгүңдүн эң ысык жеринде болот экен..."

Бир аз кыскартып окурмандардын таразасына коюп жаткан бул ой толгоолордо эс тарткандан эрезеге жетип, ал турсун эр киши болгонго чейинки арман менен куса, күйүт менен сагыныч, өксүк менен топуктук, анан, албетте, парасаттын бийиктиги, акылдын тунуктугу көрүнүп турат.

Менин жашоомдун ичинде дагы башка экинчи жашоом болду. Ал – атаны элестетүү... О-о-о, бул сүйлөмдөрдүн ичине не деген маани катылып турат! "Көк дептерден" бул элестин, бул "экинчи жашоонун" кандай экендигин, бул элес менен бул "экинчи жашоонун" өзүн жолуктурабыз. Мынакей ал элес-жашоо: "Дал чоң көчөнүн жол боюндагы азыркы "Ак-Сай" дүкөнү илгери колхоздун конторасы болгонун билчүмүн. Анын түндүк тарабындагы башында атамдын олтурган жери болуп, а баягы киши өлтүргүч дал тетиги чоң терезеден мылтыгын сунуп туруп эле атып салганын укчумун. Өтүп баратып ошол терезедеги ошол көрүнүштү элестетчүмүн. Канча ирет ошол мылтык сунган кишинин артына барып жармаштым. Канча ирет аны жерге көтөрүп уруп, мылтыгын ташка урдум. А канча ирет ошол терезенин артында олтурган атамды тосуп, калкалап өзүм жараландым. Канча ирет... канча ирет... сен өлбөй мен өлүп көрдүм! Канча ирет сени сактап калып, мен мактанып тигини милийсага салып берип, сен экөөбүз каткырып күлүп, ошол контордун эле жанындагы биз жашаган үйгө чогуу кирип кеттик... Канча ирет сенин жаныңда, Атанын жанында басып көрдүм... ыя!" Реалдуу турмуш менен кыялый жашоонун өтө сейрек жуурулушун айгинелеп турган бул баян каармандын кыялый дүйнөсүндөгү жашоону кудум кинокадр (ооба, кинокадр!) сыяктуу көз алдыбызга тартып турат. Болгондо да биз бул кинокадрды үндүн коштоосусуз, жайлатылган абалда элестетебиз, үндүн коштоосусуз, жайлатылган абалда көрөбүз. Анан бул турмуштун адилетсиздиги, адамдардын карамүртөздүгү, баланын боёо дүйнөсү көөдөнүбүздү толкутуп, өпкөбүз өпкөбүзгө батпай, кош карегибизге ысык жаш толот... "Көк дептерди" ушинтип окуйбуз. "Көк дептер" ушинтип жан дүйнөбүздү тазартат, дилибизди аруулантат...

Арийне, кыялый дүйнөнү – Ж.Эдигеевдин сөзү менен айтканда "экинчи жашоону" – реалдуу жашоодой баяндап берүү чыгармачылыкта бир топ эле кеңири учурайт. Улуу калемгерибиз Чыңгыз Айтматов бул ыкманы алгачкы чыгармаларынын бири болгон "Ашым", андан кийинки "Арман" ("Свидание с сыном") деген аңгемелеринде эң сонун пайдаланган эмеспи. Ашым аксакалдын уулу Сагынга, Чордон аксакалдын уулу Султанга болгон сагынычы, алда качан алыскы майданда көз жумушкан балдары, көкүрөк күчүктөрү менен кыялый дүйнөдөгү жашоолору жүрөк-жүлүндү өрттөй турган деңгээлде сүрөттөлүп берилген. Көрүнүп тургандай, баяндоонун мындай ыкмасы баш каармандын – баяндоочунун – жан дүйнөсүндөгү будуң-чаң абалды, арман менен касиретти, күйүт менен сагынычты дагы да толугураак көрсөтүүнүн эң сонун жолу болуп эсептелет. "Көк дептерден" биз көркөм дүйнө жаратуунун, адам тагдырын баяндоонун мына ушундай салттуу жол-жоболорун кездештиребиз. Ал эми бул болсо, Ж.Эдигеевдин баралына толгондугунун, кыргыз журналистикасынын ортоң колдой өкүлү болуп калгандыгынын айкын мисалы.

"Көк дептердеги" ар бир эссе, ар бир турмуштук этюд түпкүлүгүндө келип АТАНЫН тагдыры менен тутумдашат, АТАНЫН өмүрүнө барып жалгашат, АТАНЫН өзү жок болсо да эл ичиндеги акжаркын элесине барып жуурулушат. Мына лирикалык каарманыбыз – ооба, бул баяндарда Ж.Эдигеевдин өзүн ушинтип эле атаганыбыз оң – Көлдөгү Тургазы аяш атасынын маңдайында олтурат. Ал эми көөдөнүн эзген ойлор булар: "Эгерде 80ди буйруганда дал ушундай адам болмок экен да" деп мен маңдайымдан атамды көрүп олтурдум". ("Кечикпе") Дагы бир жолу АТАСЫ тууралуу эки баянды укту: бир баянда АТАсынын бала кезиндеги баштан кечирген ойноо мүнөз окуясын баяндалса, экинчисинде АТАсынын шайыр-жайдоот жүрүм-туруму тууралуу айтылат. ("Кашкатай аке") Ал эми "Шерт" деген чакан эссе-де элибизде эзелтен бери келе жаткан эки адамды достоштуруу салты айтылып, айылдагы Апыш аксакал жаңы төрөлгөн Шакен деген уулун 12 жаштагы Кадырбек менен – лирикалык каарманыбыздын АТАСЫ менен – достоштурганы, бул достук эки адам тарабынан кантип аздектелип, алар достошуу шертин кантип ыйык сактап өткөндүктөрү баяндалат. Ал эми Кадырбек байкесинин – Ж.Эдигеевдин АТАСЫНЫН - "Көк-Дөбөм" деген ырын угуп, өксүп-өксүп ыйлаган боордошу Айзадачы? Анын бул ыйы лирикалык каарманыбызды "бир паста балалыктан бапасыз бу улуу турмушту көздөй көтөрүп кеткендей болду. Бир паста балалыктан башы оор эстүү жанга айланткандай болгон." ("Айзада")

Мына ошентип, жогоруда айтылып өткөндөй, "Көк дептердеги" ар бир эссе, ар бир турмуштук этюд түпкүлүгүндө келип АТА менен тикеден тике байланышып турат. Кыпындай болгон окуя да АТАНЫН элесин дагы да ачыгыраак, дагы да теренирээк, дагы да арууланта ачып берүүгө багышталып турат. "Көк дептердин" башкы озуйпасы да ушунда эмеспи.

"Көк дептерде" АТА – образдуу айтканда – Күн сыяктуу. Калган бардык окуялар, андагы каармандар ошо Күндү айланган планеталар тариздүү.

Мына АТАНЫ жарык дүйнөгө алып келген Кыйбат чоң эне. "Көлөмдүү киши эле", – деп жазат Ж.Эдигеев. "Кадырбекти Өзгөнгө эки жолу жөө жетелеп барып келгем, жокчулукту көп көргөнбүз, кийин Кадырбекти пенсиям менен окуткам", – дейт Кыйбат чоң эне өзү. "...Өзгөнгө эки жолу жөө..." Кара-Кулжадан эмес. Ал турсун бел ашып араң жетчү Тогуз-Тородон да эмес. Ак-Талаадан... Ак-Талаа кайда да, Өзгөн кайда? Жөө... Зайып адам, эрбейген бала... Биз азыр элестете да албайбыз (биз азыр көп эле нерсени элестете албай калбадыкбы, кашайып...)

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Саякбай саптар

*(Башы өткөн санда)*

**Бакыт Баймырзаев – Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

***10.***

*“Эскерүү ачылбаган алтын сандык ,*
*Ал байыйт мезгилдерден улам арбып .*
*Аларды катып жатпай көрсөткөн оң ,*
*Анткени , эл буюму элге таандык.”*

*(Ж.Садыков)*

*Саякбай – сансыз ырдын ээси сенсиң*
*(Сан түмөн кылым изи кайдан дээрсиң?..)*
*Сайышта , чабыштарда жоо беттеген*
*Санжыра – карт тарыхта чыгаан эрсиң.*

*Сакеңдин басканы да көзгө толуп*
*(Каткырып , өткөн күндөр эсте толук)*
*Капалда калың колдун сесин алса ,*
*Кашкарда кайындашы кызык жорук.*

*Тамаша , азил сөзгө уста дешет*
*(Апырта айткандары тамды тешет.)*
*Кадимки чоң жомоктун нугу менен*
*Чайпалбай , улам күчөп боорду эзет.*

*Калдайып , калың мурут чыйратылып ,*
*Кадимки калбаат мүнөз кыйла туруп*
*Жарк этип күндүн көзү көрүнгөндөй*
*Жазылат , кыраан-каткы күлкү тунуп .*

*Ошондой опол талант орду бошоп ,*
*Ой-санаа улам артып , кайгы кошот .*
*Орошон “ыр атасы” октос берип ,*
*Оп тартып океандай кыраат созот.*

*Ысык-Көл баягыдай ылым санап*
*Ылдыйлап... ыйламсырап чөгүп барат.*

*Салбуурун , сайыштарда жадеп бышкан*
*Саякбай сая кеткен изди чалат .*

*......Сакеми сан кыргыз эл жоктойт , издейт .*
*Соңку жаш “сары алтындын” баасын билбейт.*
*“Чоң Казат” , “Тал Чокуну” элес албай*
*Чоң талант , Гомер чалды көзүнө илбейт...*

***11.***

*“Күн турат кадимкидей көктө күлүп ,*
*Тоо турат булуттарды бөктөрүнүп.*
*Бир гана кең Ысык-Көл Сакем жоктон*
*Калыптыр калыбынан бөксөрүлүп.”*

*(Ж.Садыков)*

*Келберсип кең Ысык-Көл көөшүлүүдө*
*(Келемин айда – жылда , кээде түндө)*
*Качанкы карт тарыхтын кепили сен*
*Кайрадан кыраат менен салган үндө.*

*Карайып кара шамал толкун айдап*
*(Түрүлүп жээке келет түтөп, кайнап)*
*Түйүлүп бир муштумга бириккендей*
*Калдайган калың кыргыз карайт жардап.*

*Толкундар толуп-ташып улам барат*
*Томсоруп , бир түйшөлүп кайра жанат.*
*Табалбай таасын талант зор келбетин*
*Сакемин сан кылымдык сөзү калат.*

*Ооба да , жүз миң жылдык тарых жатат*
*Оюлбай чети дагы жүзүн катат .*
*Опол тоо ойон Манас эрдиги деп*
*Орошон алп манасчы алга шашат.*

*Анткени , мезгил күүсү улам сүрөп*



*Сакемдин айткандары - жандуу сүрөт.*
*Кечээки кыргыз элдин кандуу изи*
*Кайрадан жан дүйнөмдө жашап жүрөт.*

*...Ошондой алп манасчы жашап өттү*
*Оп тартып зор өнөрү жерди, көктү.*
*Сакеми жоктогонсуп аалам , дүйнө*
*Асмандан бүгүн дагы нөшөр төктү....*

***Аягы***

# КЫРГЫЗ НАРК, САЛТЫНДАГЫ СӨЗДҮН КУДУРЕТИ



**Каныбек АБДРАИМОВ, Терминология жана ономастика бөлүмүнүн башкы адиси**

Кыргызда "Кеп көркү - тил, ой көркү - сөз" деген накыл кеп бар. Тилибиз аркылуу айтылган ар бир сөз жашообузда көптөгөн айкын милдеттерди аткарып келет. Башка улуттан айырмалап, улутту улут кылып турган көрүнүштөрдүн бири тилибиз. Ойдо бышып, тилибиз аркылуу айтылып жаткан баалуу нерсе сөздөрүбүз. Кыргыз элинин төл сөздөрү кыска, нуска келип, ойду терең туюндурган мааниге бай сөздөр экендигинде талаш жок. Кыргыздар сөздүн тегине маани берип, таасын айтып, жашоосунда көрүнүштөрдү жерине жеткире сыпаттап мүнөздөгөн. Бир эле сөздүн кеңири мааниде колдонулушу тилибиздин байлыгынан, сөздөрүбүздүн тереңдигинен кабар берип турат. Мисалы, элибиздин жашоо-турмушундагы жакшылыкты, жагымдуулукту, касиет, кереметтүү ыйыктыкты билдирип, ондогон маанини туюндурган "ак" деген сөзүбүз бар. "Ак" - эне тилибизде эстетикалык, философиялык, этикалык, педагогикалык кубулуштардын синтезин туюнткан чалкар түшүнүк. Кыргыздар байыртан сөзгө, акылга бай, сөз кунун баалап, сөз баккан элибиз. Ак түшүнүгү бул сакралдык мүнөзгө ээ болуп, ыйыктык маанини да туюнтуп тургандай.

Кыргыздын азыгы - Ак. Элибиз тамак аштарынан сүт, айран, ун, нан сыяктуу ж.б. азыктарын ак деп атап, жайылган дасторкону мейман-достуктун белгиси катары бааланып, анда үй ээсинин ак пейили, ниети, астейдил ызааты чөгөрүлгөн. Меймандарды ак ниети менен ак нан, туз аркылуу даам сыздырып, ак кесеге ууз кымызды толтуруп, сунуп тосуп алышы кыргыздын салты менен карагандa кесеге ак куюп тосуп чыгуу - бул бирөөнү ак тилек менен каршы алуунун жакшы ниеттештиктин символу. Кыргыз уяттуу меймандарына ылайыктап куйруктуу кара козу союп, меймандос, сыйчылдыктын нарктуу салтын даана сактаган. Коноктордон адат катары аксакалына баш тартып, "куйрук боор" жасап, сорпосуна айран кошуп, табылгыс "ак серке" жасаган.

Чалап, талкан кошулган аш айран жасап суусундарын кандырып, тамактарын сиңирген. Кыргызда жолоочулап бараткан адамдын атынын башын бурдуруп, же алдынан тосо чыгып, сыр аягына суусундугун куюп, ак татытып узатуу ата салтындагы асыл нарктардын бири болгон. Азыр эми тилекке каршы акты да сатып калбадыкпы.

Ак түшүнүгү табият, жаратылыштын көрүнүштөрүндө да кеңири жолугат. Мисалы, ак кар, ак таң, ак чоку, ак булут, ак жаан десе, сезимдик мааниде ак жүрөк, ак дил, ак көңүл, ак жолтой деп жалаң жакшы маанайда колдонуп келишкен. Дегеле кыргыз башынан жакшы ишке, жакшылыкка жаман нерсе аралаштырып көрбөгөн. Мисалы, койчу таягы менен кой кайтарганы кой аман, төлдүү болсо - таягы ак жолтой. Кыргыздын ар бир сөзү кыябында айтылып, мааниге бай…

Сапарга чыкса - "Ак жолуң ачылсын!" же "Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун!", десе, колукту алып келген жаш жигитке: "Келинчегиң менен!…" - дебей, "Куш боо бек болсун!" деп айтылган көрктүүлүктү караңызчы! Куштун боосунун бекемдигинен улам эки жаштын турмушунун түбөлүк бекемдигин каалап, ак тилек айтып турбайбы. А түбөлүк турмушунун бекемдиги ошо эки жаштын экөөнө тең, өзгөчө алган жигитке: куш таптаган мүнүшкөргө байланыштуу ак тилекти кошо таңуулап тургандай.

"Күл бото". "Тимеле күл бото экен" - дейт майдалыгы күлдөй нерсени; ошо майдалыгы күлдөй ак чоподон кыш бышырылат, карапа жасалат; күл бótoдон бышырылган кыш отко, сууга чыдамдуу, кылымдарга бузулбай тура берет. Эл сөзүнүн байлыгын карачы, сыңар эле сөз менен кишинин мүнөзүн, кыялын, туруктуу-туруксуздугун айгинелей салганы. Жакшы адамдын белгиси, ак-караны таанытып аткан бир Жараткандын улуу сынагына туюнганы. Ак менен карадай, жакшылык, жамандык адам менен кошо жаралганы анык.

"Жака жаңыртуу" караңызчы, мынабу сөздүн угулушун, жагымдуулугун: "Жакасын агарталы", "Жакамды агартты" - ак тилектин, бири-бирине ак саноо, ниеттин белгиси, ак дилден актыкка жасалган салт. Кыргызда жакшы адам болуш үчүн, эки нерсени: Жараткандын бар экендигин, өлүмдүн ак экендигин туюдуруп сездирип, адамдын ичээр суусу түгөнгөндө, кыргызда акка моюн сунуптур дейбиз. Ал эми канаттуулардан аппак болгон Ак кууну канаттуулардын ханышасы десек, бакшылыктын (шамандыктын) пирин - Ак тайлак же Ак кайып, Кийиктин ээси, пирин - Ак байбиче, топоздун пирин - Ак мүйүз дешкен.

Элибизде ак түшүнүгү тушоо той өткөрүлөөрдө да колдонулуп, апаларыбыз атайын даярдаган койдун бир тутам ак жүнүн оңго, кара жүнүн солго созуп ийрип, (кара жамандыктар сол жагынан өтүп кетсин деген таризде) экөөнү бириктирип ак, кара кылып айкалыштырып эшкен. Жүндү даярдап жатканда:

*Ак-караны айкалыштырып байлаганым,*

*Ак-караны айрый билген адис болсун дегеним.*

*Кара кылды как жарган калыс болсун дегеним,*

*Узак жолдо, турмушунда чаалыкпаган,*

*Мүдүрүлбөгөн күлүк болсун дегеним* - деп жүндү эшип, наристенин бутуна кайчылаштырып, илмек байлаган.

Ал эми байыркы элдик оюндарыбыздын бири болгон "Ак чөлмөк" оюну да ак сөзү менен башталып, кыргыз жаштары түн ортосунда ойношуп, жаштардын мүнөзүн ийкемдүү, шамдагай, кыраакы, тапкычтыкка калыптандырган. Элибиз "ак" деген ыйык сөздү мал-жанга карата колдонуудан айбыгып, "кызыл", "куу" деп аташып, сүт чыкпаган кунарсыз малды куу желин, адам баласынын карыган кездеги кыйындап, оордоп калган тагдырын куураган арчадай деген өңдүү салыштыруулар менен атаган. Ак түшүнүгүн "Манас" эпосунда антташуу маанисинде кездештиребиз. Кыргыздардын байыртадан келе жаткан жоокердик курал-жарактын астында антташуусу салты катары "Ак келтенин чогу урсун" деген саптарды кезиктиребиз. Кыргыздын дагы бир жашоо шартыбызда кездешкен аза күтүү түшүнүгүндө, жесир аялдын аза кийимин төркүнү алып келип кийгизген. Аза күтүү мезгили бүткөндө актыгын да (ак кийити) төркүнү алып келген.

Кыргыздар үйүнө жылан сойлоп кирсе дагы, ак чачып, айран чачып чыгарышып, насиби катары акты, тумары катары ак калпакты эсептеп, бирөөгө ак калпакты ыроологон. Кереметтүү кыргыз жерин сүрөттөгөн:

*"Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,*

*Элибиздин жаны менен барабар"* деп мамлекетибиздин ураан ырындагы кеп теги байыртадан бекер жеринен айтылбаганына ынанбай коё албайбыз.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)

21 02 2025

kyrgyztili@mail.ru



Кыргызчага которгон: Эрмек Шоруков

Роулд Даал

# ПАНСИОНДОГУ АЯЛ

*(Башы өткөн санда)*

– Сиз бир нерсени билесизби? – деди Билли. – Мында бир таң калычтуу нерсе бар.

– Жок, карагым.

– Байкасаңыз, Малхолланд менен Темпл экөө бири бири менен тааныш гана болбостон, экөөнү байланыштырган бир нерсе бардай. Экөө тең бир багыт боюнча белгилүү болушкан. Маселен, Демпси менен Танни, Черчилл менен Рузвельт сыяктуу.

– Кызык экен, – деди аял. – Келиңизчи мында, диванга менин жаныма, жатар алдында имбирь пирогу менен чай ичели.

– Мен үчүн курулай убара болдуңуз да, – деди Билли. – Камтама болбоңуз.

Билли роялдын жанында карап туруп, чөйчөктөр менен убараланып жаткан аялдын тез кыймылдаган кичинекей тумсак колун, кызыл тырмагын байкады.

– Экөөнү гезиттен көрүптүрмүн, – деди Билли. – Азыр эстейм. Сөзсүз эстейм.

Эс тутумдун чек арасында айланып, тилинин учунда турганды эстей албагандан өткөн кыйноо жок. Ал багынганды жаман көрчү.

– Бир мүнөт, – деп күбүрөндү. – Бир мүнөткө күтө туруңуз. Малхолланд… Кристофер Малхолланд… Батыш чөлкөмдү жөө кыдырган Итон мектебинин окуучусу эмеспи, анан күтүлбөгөн жерден…

– Сүт менен? – деди аял. – Шекер менен?

– Ооба, анан күтүүсүздөн…

– Итон мектебинин окуучусубу? Жок, мырзам, андай болушу мүмкүн эмес, анткени Малхолланд мырза Итондо окуган эмес. Мага келгенде Кембриджлин бүтүрүүчүсү болчу. Келиңиз, жаныма отуруңузчу, жарыктык оттун табына жылыныңыз. Келиңиз, чайыңыз даяр.

Аял дивандагы бош орунду алаканы менен таптап, чакыргандай жылмайып койду.

Билли бөлмөнүн ортосунан акырын өтүп, дивандын четине коомайлана көчүк басты. Аял жигиттин алдына чөйчөктү жылдырып койду.

– Мына, эми окшошту, – деди аял. – Кандай сонун, куркулдайдын уясындай жыпжылуу, ээ?

Билли чайынан ууртады. Аял дагы ошентти. Жарым мүнөткө жакын экөө унчукпай калышты. Билли өзүн карап жатканын билди. Аялдын тулкусу аны жарым-жартылай караган боюнча катып калгандай болду, чөйчөктүн эрдөөсүнөн ашыра теше тиктеген көздөрүн сезип турду. Бир тынымдан соң андан чыккан өзгөчө жыттын илеби келди таноосуна. Көңүл куйкалагыдай деле жагымсыз эмес, бирок бир нерсени эске салгандай… Эмне экенин эстей албай башы маң. Туздалган жаңгак? Жаңы ашатылган тери? Же ооруkананын дары жыттуу кире беришиби?

– Малхолланд мырза чайкор адам болчу, чайды жантыгынан жата калып ичкен андай жанды көргөн эмесмин, – деп аял жымжырттыкты бузду.

– Чагымда, ал жакында эле кетсе керек? – деп Билли сурады. Түкшүмөлдөп жатып бул экөөнүн ысымын гезиттен көзү чалганы мээсине тык эте түштү.

– Кетти дейсизби? – дегенде кашы серпиле түштү. – Чырагым, ал эч жакка кеткен эмес, бул жерде. Темпл мырза дагы мында. Төртүнчү кабатта, экөө тең чогуу эс алышууда.

Билли чөйчөгүн акырын столдун үстүнө коюп, үй ээсин тиктеп калды. Аял ага жооп кыла жылмайып, анан тумсак колу менен жоошуткандай тизесине чапкылап койду.

– Канча жаштасың, желаргым? – деп сурап койду аял.

– Он жети.

– Он жети? – деп ыйламсырагандай үн менен сурады. – Бышып турган маалыңыз экен да! Малхолланд мырза да он жетиде болчу, жаратылыштын жашыл ыраңындай жигит эле. Ал сизге караганда саал аласа бойлуу, тиштери анчалык аппак эмес болчу. Уивер мырза, сиздин тиштериңиз күрүчтөй экенин билчү белеңиз?

– Сырты жалтыраган менен ары жагы жакшы эмес, – деп Билли жооп берди. – Тиш доктурдун колу тийбеген азуум аз.

– Темпл мырза, албетте, бир аз улуураак болчу, – деди ал, Биллинин сөзүнө көңүл бурбай. – Өзү мага айтпаса, анын жыйырма сегиз жашта экенин билмек эмесмин. Денесинде бармак басымдай так болсочу, тим эле ымыркайдыкындай.

– Эмне? – деп сурады Билли таң кала.

– Анын териси ымыркайдыкындай болчу дейм.

Кайра үн дебей калышты. Билли чөйчөгүн колуна алып, бир аз ууртап туруп талиңкесине акырын коюп, үй ээсинин оозунан бир нерсе чыгышын күтүп жатты, аял өтмүшүн эстегендей тунжуроого чөгүп кеткендей болду. Билли астыңкы эрдин тиштей бөлмөнүн бурчун тиктеп отурду.

– Тоту куш, – деди ал акыры. – Билесизби бир нерсени? Терезеден алгач аны көргөндө келекелебедиби мени. Майнеке болоюн, адеп аны тирүү экен деп ойлоптурмун.

– Жоок, ай.

– Чебердин колунан билгичтик менен чыккандыгы көрүнүп турат. Мына-мына сүйлөп жиберчүдөй тим эле. Ким жасады?

– Мен.

– Сиз жасадыңызбы?

– Албетте, менин кичинекей Базилим менен тааныштыңызбы? – деген аял таш очоктун жанында оролуп жаткан таксаны көздөй ээк шилтеп койду. Билли жакшылап караса, иттин тоту куштай кыймылсыз жатканын ошондо билди. Колун сунуп акырын сылайын дегенде таштай катуу, муздак соорусу колуна урунду, жүнүн ачып караса, түбүндөгү бозомук-каралжын тарткан териси кургак, жакшы сакталган экен.

– Шумдугуң кур, – ал бурулуп, диванда жанында отурган кичинекей аялга терең суктануу менен карады. – Чынында мындай нерсени жасаган өтө кыйын болуш керек.

– Анчалык деле кыйындыгы сезилбейт, – деп жооп берди аял, – жайрап калган бардык сүйүктүүмдүн кебин жасап коём. Чай ичиңиз?

– Жо, ырахмат, – деди Билли. Чай бир аз ачуу кермек бадам даамданып турганынан жага бербеди.

– Китепке кол койдуңузбу?

– Ооба да.

– Эң сонун. Кийинчерээк сиздин атыңызды унутуп калсам, ушул жерге түшүп, улам карап турганга… Мен азыркыга чейин күн сайын Малхолланд мырза менен … мырзаны, ким эле, атың өчкүр?

– Темпл мырза, – деп эсине салып койду Билли, – Грегори Темпл. Ашыкча суроом үчүн кечиргейсиз, экөөнөн башка акыркы эки-үч жыл ичинде башка эч ким келген жокпу?

Чөйчөгүн жогору көтөрүп, башын бир аз солго бура көзүнүн кыйыгы менен карап, кытмыр жылмайып койду.

– Жок, жарыгым, – деди аял, – Сиз эле келдиңиз.

**Англис тилинен которгон**
**Эрмек Шоруков**
**2024-жылдын 21-ноябры**

Роулд Даал (1916–1990) – XX кылымдагы иңглиш адабиятын дүйнөгө тааныткан теги норвегиялык жазуучу, жомокчу, сценарист, публицист, акын жана учкуч. Анын ысымы Кеннет Грэм, Клайв Люис, Жон Толкин, Жоан Роулиң сыяктуу жомокчу жазуучулардын катарында турат. "Чарли жана шоколад фабрикасы", "Матилда", "Жеймс", "Жезкемпирлер", "Гигант шабдаалы", "Фантастикалык Фокс мырза" сыяктуу белгилүү чыгармаларын жараткан.

Роулд Даалдын чыгармаларынын өзгөчөлүгү – каармандардын сөзү аркылуу окуя өнүгүп, окурман күтпөгөн окуяларга, финалга карк. Автор жеке кызыкчылык, эки жүздүүлүк, жалкоолук, ач көздүк, көрө албастык өңдүү адамдын терс сапаттарын алдыга алып чыгат. Анын кыска психологиялык аңгемелеринде детективдин элементтери кездешет, окурманга жакшылыктын же жамандыктын жеңгени белгисиз болуп, окуянын аягы табышмактуу бойдон калганы менен айырмаланат.

Анын чыгармалары 68 тилге которулуп, дүйнө жүзүндө чоң талап менен окулат.



# АНТОН ЧЕХОВ: МАНСАПКОРДУН ӨЛҮМҮ

Орусчадан которгон Нурболот Азамат

*(аңгеме)*

Жанга жыргал мемиреген кечтердин биринде, чарба иштериндеги төрө Иван Дмитрич Червяков экинчи катардагы отургучтардын биринен орун алып, "Корневиль коңгуроосун" дүрбү менен көрүп отурду. Көрөт да, өзүн ырахаттын туу чокусунда сезет, чиркин. Бир маалда эле… Аңгемелерде ушул "бир маалда эле" көп кездешет. Авторлор чын айтат, бирок жашоо ушундай кокустуктарга бай эмеспи! Бир маалда эле ал жүзүн чүйрүп, көзүн элеңдетип, аба жетпей демиге баштады…

Дүрбүдөн көзүн алып, эңкейе берди да… а-апчү!!! Өзүңөр көргөндөй, чүчкүрүп алды. Эми чүчкүргөнгө эч ким эч жерде тыюу салган эмес деңизчи. Эркектер да, тартип сакчылардын башчысы да, керек болсо кээде жашыруун кеңешчилер да чүчкүрөт. Баары чүчкүрөт. Мунун эмнеси бар экен? Червяков ыпымдай да кызарып койгон жок. Сылык адам катары бет аарчысы менен жүзүн аарчып, кимдир бирөөнү кыжаалат кылбадым бекен дегенчелик кылып, айланасын бир карап алды. Уялгыдай жагдай болгон экен. Караса, алдында, биринчи катарда отурган кары неме кашка башын, ага кошо мойнун кол кабы менен келиштире аарчып атыптыр. Бирдемелерди сүйлөнүп алган. Бул кары кат билдирүү мекемесинде кызмат кылган кадимки генерал Бризжалов экенин Червяков жазбай тааныды.

"Мен ага чачырата чүчкүрүп салгам го! – деп ойлонду Червяков. – Башка бирөөнүн жетекчиси. Меники эмес. Ошентсе да, ыңгайсыз. Кечирим сураш керек".

Ал жөтөлүп алды да, алдыга обдулуп, генералдын кулагына шыбырады:

– Кечириңиз, урматтуум, мен сизге… байкабай…

– А эч нерсе эмес, эч нерсе…

– Кудай үчүн, кечириңиз. Мен деген… каалаган эмес элем!

– Ай, отуруңузчу, сураныч. Угузуңузчу!

Тайсалдай түшкөн Червяков орунсуз күлүп алды да, сахнага кылчактай берди. Бирок баштапкыдай ырахатты сезе албады. Эми ал тынчсыздана баштаса болобу. Тыныгуу учурунда Бризжаловду айланчыктап жүрдү да, акыры демин басып, ага жакындады:

– Сизге чүчкүрүп салдым, урматтуум… Кечириңиз… Мен… жөн гана…

– Аа, чындап эле… Мен го унутуп калыптырмын, а сиз дагы деле! – деди да, астыңкы эринин чыдамы түгөнө кыймылдатып койду генерал.

"Унуттум дегени менен, көз карашы табалагансыйт, – деген Червяков, генералды шектене карай берди. – Айткысы жок. Буга кокустук экенин… жаратылыштын мыйзамы ушул экенин түшүндүрүү керек. Антпесе, түкүргүсү келген тура деп ойлобойбу. Азыр болбосо, кийин ошентет!.."

Үйүнө келген соң, Червяков бүгүнкү одоно жоругун аялына кобурап берди. Бирок аялы бул окуяга анчалык деле күйүп-бышкан жок. Адеп коркуп кеткени менен, Бризжалов "чоочун" экенин билген соң тынчтанды.

– Ошентсе да, барып кечирим сура, – деди ал, – көпчүлүктүн арасында өзүн алып жүрө албайт экен деп ойлоп калбасын!

– Мына, мына! Мен кечирим сурадым, а ал бир кызыктай… Ой, бир да сөз айтып койгонго жарабады. Анын үстүнө, сүйлөшүүгө деле ылайыктуу чоло болгон жок.

Эртеси Червяков жаңы кызмат кийимин кийип, чачын тегиздетип алды да, абалды түшүндүрмөккө түз эле Бризжаловго жөнөдү… Кабылдамасына кире койду эле, мында арызданагандар арбын экен. Алардын арасында генерал өзү турат. Кабыл алууну баштаган тура. Өтүнүч менен келгендердин бир канчасын сурап болгон соң, генерал Червяковго назарын бурду.

– Кечээ "Аркадийде", эсиңиздедир, урматтуум, – деп баштады төрө, – мен сизге чүчкүрүп албадым беле… Кечи…

– О Кудай! Болор-болбос иш эмеспи… А Сизге эмне керек? – генерал кийинки арызданууучуга кайрылып жиберсе болобу.

"Сүйлөшкүсү келбей турат! – деп ойлонду бозоргон Червяков төрө, – Жинденип калган экен… Жок, мындай калтырган болбойт… Мен ага түшүндүрөм…"

Генерал мында келген соңку арызданууучу менен аңгемесин аяктап бүткөндөн кийин, төркү сый бөлмөгө кадам таштады. Червяков жөн турмакпы, артынан жөнөдү да:

– Урматтуум… Сиздин тынчыңызды алууга акым барбы, урматтуум, болгону өкүнүү сезими жай бербей!.. Мен атайын кылган жокмун, ушуну билиңизчи! – деп жиберди.

Генерал жалооруй карап, кол шилтеп алды.

– Сиз мени шылдыңдап жатасызбы, таксыр! – деди каалгага жашынып.

"Мунусу эмнеси? Кайдагы шылдың? Ушундай да болчу беле? Өзү генерал болуп алып эч нерсе түшүнбөйт экен го! Мындай экен, болду, мен бул көйрөңдөн кечирим сурабайм! Кат жолдойм, бирок башка барбайм! Кудай алсын, барбайм!" деп Червяков үйүнө карай жол боюу ойлонуп келди. Бирок кат жазылбады. Башы катып көпкө отурганы менен такыр жаза албады. Эртеси түшүндүрүү үчүн кайра жөнөөгө туура келди. Генерал суроолуу көздөрүн ага матаганда, Червяков минтип булдурады:

– Мен кечээ тынчыңызды алып, сиз ойлогондой, маскаралайын деп келбедим эле. Мен жөн гана баягыда сизге чүчкүрүп алганым үчүн кечирим сурайын дегем… Тамашалоо оюмда да жок. Антүүгө акым барбы? Эгер биз табалап күлсөк, демек… анда адамдарга сый болмок беле…

– Чык эшикке!!! – капысынан титиреп, көгөрүп чыккан генерал бакырып жиберди.

– Ыя? – жүрөгү оозуна тыгылган Червяков шыбырап сурады.

– Жогол!! – деп кайталады генерал жерди ныгыра бир тээп.

Кайран Червяковдун ичинде бирдеме үзүлүп кеткенсиди. Көзүнө эч нерсе илээшпей, кулагы эч нерсе чалбай, эшикти көздөй кетенчиктей берди, сыртка чыкты. Дендароо абалда үйүнө жөнөдү… Үйүнө жетип келип, кызмат кийими менен эле диванга жата калды да… жаны үзүлдү.

## Кыргызча сүйлөйлү!



*Такшалманы*
~~Стажировканы~~ кайдан өттүң?

*Кесиптештер*
~~Коллегалар~~, иш башталды!

*Ырастамаңызды*
~~Удостоверениеңизди~~ көрсөтүп коёсузбу?

*Туруктуу*
~~Стабильный~~ жумуш таптым

*Иш сапардан*
~~Командировкадан~~ келдиңби?

*кесипкөй*
Ал ~~профессионал~~ киши

*түп-тамырынан*
Бардыгы ~~кардинально~~ өзгөрөт

*Дараметиң*
~~Потенциалың~~ жетеби?

*кырдаалдан*
Бул ~~ситуациядан~~ чыгыш керек

*чыпкалап*
Сууну ~~фильтрациялап~~ ичиш керек

*демилгени*
Бул ~~инициативаны~~ колдойм

*келип түштү*
Товар ~~поступление болду~~

*мүмкүнчүлүк*
Мага дагы бир ~~возможность~~ бериңизчи

*милдеттүү түрдө*
Сен ~~обязательно~~ билишиң керек!

tilimpõz

### Кепти тазалоо 📚

| ✗ | ✓ |
|---|---|
| удостоверение | **ырастама** |
| стажировка | **такшалма** |
| инициатива | **демилге** |
| командировка | **иш сапар** |
| коллега | **кесиптеш** |
| профессионал | **кесипкөй** |

tilimpõz

### Кепти тазалоо 📚

| ✗ | ✓ |
|---|---|
| фильтрация | **чыпкалоо** |
| потенциал | **дарамет** |
| поступление | **келип түшүү** |
| стабильный | **туруктуу** |
| кардинально | **түп-тамырынан** |
| ситуация | **кырдаал** |

tilimpõz

### Маалымат булагы:

- **Салык терминдеринин орусча-кыргызча / кыргызча-орусча сөздүгү**
  Түз. А. Э. Орозакунов ж. б. – Б.: "Кут-Бер", 2023. – 328 б.
- **Статистика атоолорунун орусча-кыргызча сөздүгү**
  Түз. Р. Ю. Хусаинова – Б.: "Кут-Бер", 2023. – 192 б.
- **Ички-иштер органдарында колдонулган терминдердин орусча-кыргызча / кыргызча-орусча сөздүгү**
  Түз. А. Э. Орозакунов ж. б. – Б.: "Кут-Бер", 2023. – 328 б.
- **Курулуш, архитектура тармактарындагы атоолордун, сөз айкаштарынын кыргызча-орусча / орусча-кыргызча сөздүгү**
  Түз. К. Бактыгулов ж. б. – Б.: "Кут-Бер", 2023. – 896 б.

ЖАКТЫР БӨЛҮШ САКТА

Булак: **1.** Кыргызча-орусча сөздүк. К.К. Юдахин. 4-бас. 2019 **2.** Кыргызча-орусча сөздүк. К.К. Юдахин. 5-бас. 2019 **3.** Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Х.К. Карасаев. 3-бас. 2019 **4.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк. 2019 **5.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк. 2019

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№2 (312)
21 02 2025
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№2 (312)

21 02 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!



**Байдылда САРНОГОЕВ**

## Кыргыз жигиттерине

*Толкун болот деңиздин күчтүү жери,*
*Толкундай бол кыргыздын жигиттери.*
*Токсон-тогуз өнөрдүн ээси бол деп,*
*Тоолук эне төрөгөн сени, мени.*

*Чоку болот тоолордун бийик жери,*
*Чокудай бол кыргыздын жигиттери.*
*Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,*
*Чоң атабыз үйрөткөн сени, мени.*



**Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА**

## Кыргыздын жигиттери

*Өсүп келет кыргыздын жигиттери,*
*Өскөн окшоп жарышта күлүктөрү.*
*Бүгүнкүсүн мыкты деп бүтө электе,*
*Эртеңкилер уламдан бийиктеди.*

*Мамакеев, Байзаков, Боронбаев,*
*Баратканды оорудан жаза тайып,*
*Тирилткенге барабар коюп келет,*
*Колго түшкөн кишисин кылбай майып.*

*Ар бир күнү согушка катышкандай,*
*Ар бир минут от чачып атышкандай,*
*Ар бир кылган ишине эрип, түтүп,*
*Эт жүрөгү бөлүнүп ачышкандай.*

*Күч жетчүдөй негедир коргонууга,*
*Күмөнүм жок ооруга кор болууга.*
*Тирүүлүктү, өмүрдү кармап жүрөт,*
*Оо, Ата Журт, ушулар колдоруна.*



**Алыкул ОСМОНОВ**

## Ата-Журт

*Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,*
*Кыш да катуу… бороон улуп, кар уруп…*
*Суугуңду өз мойнума алайын,*
*Жол карайын, токтой турчу, Ата-Журт!*

*Түндөр жаман… кырсык салып кетпесин,*
*Наалат келип ат тизгинин шарт буруп…*
*Азабыңды өз мойнума алайын,*
*Из карайын, токтой турчу, Ата-Журт!*

*Жазда башка… Жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас, мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!*



**Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ**

## Мекеним

*Батышка айдап, жоо кошунун талкалап,*
*Басып өттүм Европанын көп жерин.*
*Бирок дайым ойду бөлүп сен тарап,*
*Улам мени, сагындырдың, Мекеним.*

*Сүйүү күчүн сага арнап ар дайым,*
*Өз жанымдан ысыгыраак сеземин.*
*Качан болсо, кызматыңа мен дайын,*
*Карегимдей Ата-Журтум, Мекеним!*



**Түмөнбай БАЙЗАКОВ**

## Тынчтык даны себилди

*Жердин боорун канча октор кемирди,*
*Жердин боорун канча октор жемирди.*
*Жердин боору жараланып келатат*
*Жүрөгүнө жыйнап кандуу темирди.*

*Жердин боорун жараланткан темирди*
*Жогото албай канча заман чегинди.*
*Жакшылыкка жамандыкты тепсетип.*
*Жердин бети тартуулоодо эгинди.*

*Жердин бети тартуулоодо эгинди,*
*Жарак эмес, соко кылып темирди.*
*Жоготууга темирлерди кан тамган*
*Жер бетине өлбөс үрөн себилди.*

*Жер бетине өлбөс үрөн себилди.*
*Жараксызы арасынан терилди.*
*Жарык нурдун чаалыкпаган күлүгү*
*Жаңы өмүрдүн сапарына чегилди.*

*Жаңы өмүрдүн сапарына чегилди.*
*Жашартууга жабыркаган көңүлдү.*
*Жакшылыктын алоосуна каптатып,*
*Жер боорунан арылтады темирди!*

*Жер боорунан арылтады темирди,*
*Жер бетине өстүрөлү эгинди.*
*Жаратылыш жарык күнүн аябас,*
*Жер бетине тынчтык даны себилди.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 34 СОМ

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Орозалы Жапар уулу 0(700) 93 25 03
**Жооптуу катчы:** Айдана Маматбердиева 0(776) 54 24 37

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/2
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 81
**Нускасы:** 3 197